КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелеринин педагогикалык кызматкерлерин аттестациялоо боюнча аттестациялык комиссия үчүн КОЛДОНМО

**Бул жарыялоо Азия өнүктүрүү банкынын «Билим берүү системасын бекемдөө: Секторду өнүктүрүү» программасы жана Европалык Биримдигинин «Кыргыз Республикасынын билим берүү секторун колдоо» долбоорунун колдоосу менен даярдалган жана чыгарылган.**

**Бул жарыялоонун мазмуну Европалык биримдигинин жана Азия өнүктүрүү банкынын көз карашын чагылдырбайт.**

Европалык биримдигинин «Кыргыз Республикасынын билим берүү секторун колдоо» долбоору

Азия өнүктүрүү банкынын «Билим берүү системасын бекемдөө: Секторду өнүктүрүү» программасы

# МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО ( Ушул документке тиешелүү 1-4 ички тиркемени камтыйт)**........................................................................ **3**

**Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин квалификациялык категорияларына болгон ТАЛАПТАР**........................................................ **17**

**Квалификациялык категориялардын деңгээлдери**........................................ **35**

**Квалификациялык категориялардын денгээлдерин дифференциациялоо үчүн критерийлер**........................................................................ **37**

**Аттестациянын тартиби**........................................................................ **41**

**Аттестациялык комиссиянын иштөө алгоритми** .......................................... **43**

**Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ишинин тартиби жана эрежелери**..... **46**

**Баа берүүнүн инструменттери**........................................................ **49**

- Өзүнө-өзү баа берүү баракчасы........................................................ **50**
- Мугалимдин портфолиосу ........................................................ **52**
- Сабакка байкоо жүргүзүү........................................................ **53**
- Интервью-маектешүү........................................................ **54**

**Дасыктык категориянын деңгээлин аныктоо**........................................ **56**

**Куралдарды пайдалануу боюнча нускама**........................................ **58**

**Тиркемелер**........................................................................ **79**

- I-Тиркеме - Дасыктык категориясын аныктоодо упайды эсептөө таблицасы........................................................ **80**
- II-Тиркеме - Аттестациялык комиссиянын баа берүү эксперттик баракчасы...... **81**
- III-Тиркеме - Аттестациялык комиссиянын мүчөсүнүн баа берүү эксперттик баракчасы........................................................ **82**
- IV-Тиркеме - Педагогдун портфолиосун баалоо формасы.................................. **83**
- V-Тиркеме - Педагогдун портфолиосу үчүн документтердин тизмеси............ **90**
- VI-Тиркеме - Педагогдун портфолиосуна тиркелген документтер..................... **91**
- VII-Тиркеме - Сабакка байкоо жүргүзүү формасы........................................ **94**
- VIII-Тиркеме - Маек-аңгемелешүүгө баа берүү баракчасы.......................... **103**
- IX-Тиркеме - Колдонмо: Аттестациядан өтүүгө тийиш болгон жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин тестирлөөнүн биринчи этабы................ **107**
- X-Тиркеме - Өзүн-өзү баалоо баракчасы........................................ **113**

**Негизги түшүнүктөр**........................................................................ **120**

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси**........................................ **122**

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2016-жылдын 11-августундагы
№ 439 токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) менчигинин тибине, түрүнө жана формасына карабастан жалпы билим берүүчү жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартибин регламенттейт.

2. Ушул Жободо төмөнкүдөй аныктамалар колдонулат:

**аттестация** - аттестациялык комиссия тарабынан мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин комплекстүү баалоо жол-жобосу;

**аттестацияланыучу** - аттестация жол-жобосуна катышуучу мугалим;

**аттестациялык комиссия** - квалификациялык категорияны белгилөө жана ыйгаруу максатында аттестация өткөрүүчү коллегиялык орган;

**квалификациялык категория** - мугалимдин кесипкөйлүгүн, педагогикалык ишти аткарууда анын эмгегинин натыйжалуулугун чагылдыруучу компетенттүүлүктөр менен мүнөздөлүүчү мугалимдин кесиптик даярдыгынын деңгээли;

**жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин квалификациялык категорияларына коюлуучу талаптар (мындан ары - квалификациялык талаптар)** - мугалимдин квалификациялык категориясын белгилөө үчүн негиз болгон анын кесиптик ишинин тармактары боюнча компетенттүүлүктөрдү камтыган документ;

**комплекстүү баалоо** - аттестациялык комиссия тарабынан мугалимдин кесиптик ишин ар тараптуу, системалуу жана объективдүү изилдөөнүн, мугалимдин өзүнүн педагогикалык-кесиптик деңгээлин өз алдынча баалоосунун жана аттестациялык комиссияга берилген документтердин, материалдардын негизинде мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоо боюнча иш-чаралардын жыйындысы;

**мугалимдик портфолио** - мугалим тарабынан педагогикалык кесиптик иштин ар кандай түрлөрүндө жетишилген натыйжаларды эсепке алууга мүмкүндүк берүүчү убакыттын белгиленген мезгилинде анын жеке жетишкендиктери чагылдырылган документтердин жана материалдардын жыйындысы;

**өзүн-өзү баалоо** - өзүн-өзү баалоо баракчасына чагылдырылуучу квалификациялык талаптарга ылайык мугалимдин өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана кесиптик сапатын баалоосу;

**экспертиза** - аттестациялык комиссия тарабынан мугалимдин квалификациялык талаптарга шайкештиги жөнүндө корутундуну тастыктоо максатында аттестациядан өтүү үчүн мугалим берген документтерди жана материалдарды изилдөө.

3. Аттестациянын максаты мугалимдерге квалификациялык категория ыйгаруу, алардын педагогикалык чеберчилигинин деңгээлин максаттуу жогорулатууга, кесиптик жана жеке өсүшүнө дем берүү болуп саналат.

4. Мугалимдерди аттестациялоонун милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүк деңгээлинин белгиленген квалификациялык талаптарга шайкештигин аныктоо;

- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун жана аларды кесиптик өнүктүрүүнүн зарылдыгын аныктоо;

- жалпы билим берүү уюмдарына көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу.

5. Мугалимдердин аттестациясынын негизги принциптери болуп: коллегиялуулук, комплекстүүлүк, системалуулук, ачыктык, объективдүүлүк саналат.

6. Аттестация эки түргө бөлүнөт:

- беш жылда бир жолудан кем эмес өтүп туруучу кезектеги аттестация;

- ыктыярдуу мөөнөтүнө чейин аттестациядан өтүү максатындагы кезексиз аттестация.

7. Мугалимдер төмөнкү квалификациялык категорияларын алуу үчүн аттестациядан өтүшөт:

- экинчи категориядагы мугалим;

- биринчи категориядагы мугалим;

- жогорку категориядагы мугалим.

8. Мугалимдер мурдагы аттестациядан эки жылдан кем эмес убакыт өткөндөн кийин жеке арыздын негизинде кезексиз аттестациядан өтүүгө укуктуу.

9. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча квалификациялык категорияны мугалимдерге ыйгаруу буга чейинки этаптуу квалификациялык категорияларды милдеттүү түрдө ыйгарбастан жүргүзүлөт.

10. Жалпы билим берүү уюмунда педагогикалык ишти айкаштырган адам окуткан сабагы боюнча ушул Жобого ылайык жалпы негиздерде негизги иштеген жери боюнча аттестациядан өтөт. Эгерде анын негизги иштеген жери жалпы билим берүү уюму болбосо, анда ал айкаштырып иштеген жалпы билим берүү уюмунда аттестациядан өтөт.

11. Төмөнкүлөр аттестациядан өтпөйт:

- жалпы билим берүү уюмунда иштегенине бир жыл болгондор;

- кош бойлуу аялдар (эгерде өздөрү каалоосун билдирбесе);

- бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн адамдар.

Жогоруда аталгандар үчүн аттестация алар ишке чыккандан бир жыл өткөндөн кийин өткөрүлөт.

Аттестация кесиптик окуу жайын жаңы аяктаган жаш адистер үчүн эки жылга чейин өткөрүлбөйт (эгерде өздөрү каалоосун билдирбесе).

Пенсия алдындагы куракка келген мугалимдер квалификациялык категориялардын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин жаш-курагы боюнча пенсияга чыгаардын алдында эки жыл мурун жазуу жүзүндөгү арыз боюнча аттестациядан өтпөөгө укуктуу, мында пенсияга чыгаардын алдындагы квалификациялык категориясы сакталат. Эмгек келишими боюнча иштеген пенсия курагындагы мугалимдер ушул Жобого ылайык жалпы негиздер боюнча аттестациядан өтөт.

12. Башка жалпы билим берүү уюмуна которулуп, педагогикалык ишти аткарган учурда мугалимдин колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин ыйгарылган квалификациялык категориясы сакталат. Ыйгарылган квалификациялык категорияны тастыктоо үчүн жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси мугалимдерге ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык формада жаңы жумуш ордуна аттестациялык баракчанын көчүрмөсүн берет.

13. Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү жалпы негизде аттестациядан өтүшөт. Аттестациядан өтүүдө аттестациялык комиссиянын мүчөсү болуп эсептелген мугалим аттестациялык комиссиянын ишине катышпайт.

14. Аттестация мугалимдердин арызынын, квалификациялык тестирлөөнүн жыйынтыктарынын, аттестациялык комиссияга берилген материалдарды изилдөөнүн, мугалимдердин кесиптик ишин жана жумушунун көрсөткүчтөрүн квалификациялык талаптарга ылайык комплекстүү баалоонун негизинде аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

## 2. Аттестация өткөрүүнү уюштуруу

15. Аттестация өткөрүү жөнүндө жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси 15-сентябрга чейинки мөөнөттө тиешелүү буйрук чыгарат.

16. Аттестация өткөрүү үчүн аттестациялык комиссия түзүлөт, анын курамы жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен беш жылдык мөөнөткө бекитилет. Аттестациялык комиссиянын сандык курамы жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык курамынын санына жараша түзүлөт жана жети адамдан кем эмес болгон так сан менен белгиленет.

17. Аттестациялык комиссиянын курамына төрага, төраганын орун басары, катчы жана комиссиянын мүчөлөрү кирет.

18. Аттестациялык комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- директордун окутуу-тарбиялоо иштери боюнча орун басары (орун басарлары);
- жалпы билим берүү уюмунун ар бир методикалык бирикмесинин төрагалары (өкүлдөрү);
- жалпы билим берүү уюмунун кесиптик бирлик комитетинин (эгерде бар болсо) төрагасы (өкүлү);
- райондук же шаардык билим берүү бөлүмүнүн (башкармалыгынын, борбордун) өкүлү.

19. Аттестациялык комиссиянын курамына кесиптик педагогикалык бирикмелердин жана ассоциациялардын, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун (ПККЖДРИ) жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү кирүүгө укуктуу.

20. Аттестацияда байкоочу катары жалпы билим берүү уюмунун көзөмөлчү кеңешинин өкүлдөрү катышууга укуктуу.

21. Аттестациялык комиссиянын негизги функциялары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- аттестациялык комиссиянын иш графигин түзүү;
- аттестация жол-жобосун уюштуруу жана өткөрүү;
- аттестация өткөрүү үчүн зарыл болгон документтерди изилдөө, аларга экспертиза жүргүзүү;
- комплекстүү баалоо жүргүзүү;
- квалификациялык категорияны ыйгаруу тууралуу чечим чыгаруу;

- аттестацияланууучунун квалификациясын жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоо маселелери боюнча жалпы билим берүү уюмунун администрациясына сунуштарды киргизүү.

22. Аттестациялык комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары жана катчысы аттестациялык комиссиянын биринчи жыйынында комиссиянын мүчөлөрүнүн арасынан аттестациялык комиссиянын иштөө мезгилине ачык добуш менен шайланат.

23. Аттестациялык комиссиянын төрагасы аттестациялык комиссиянын ишин жетектейт жана анын алдында турган милдеттердин аткарылышын камсыз кылат.

Аттестациялык комиссиянын төрагасы төмөнкү милдеттерди аткарат:

- жалпы билим берүү уюмунун жетекчисине аттестациялык комиссиянын иш графигин, аттестацияланууучу мугалимдердин тизмесин бекитүүгө берет;

- аттестациялык комиссиянын иш алгоритмин аныктайт жана аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда функцияларды бөлүштүрөт;

- аттестацияга катышууга арыз берген мугалимдердин кесиптик ишин сапаттуу баалоо жана талдоо үчүн жооп берет;

- аттестациялык комиссиянын жыйындарын өткөрөт;

- аттестациянын жыйынтыктарын аттестацияланууучуларга маалымдайт;

- аттестацияны өткөрүү жол-жоболорунун сакталышын жана документтердин туура таризделишин контролдойт;

- аттестациялык комиссиянын жыйындарынын протоколдорунун, аттестациялык баракчаларынын туура жана сапаттуу таризделишин көзөмөлдөйт.

24. Аттестациялык комиссиянын төрагасы жок болгондо, анын функцияларын аттестациялык комиссиянын төрагасынын орун басары аткарат.

25. Аттестациялык комиссиянын катчысы төмөнкү милдеттерди аткарат:

- аттестацияланууучунун арызын жана документтерин кабыл алат;

- аттестация боюнча кирген-чыккан документтерди каттоого алат;

- комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусун камсыз кылат жана аттестацияланууучуларды аттестациялык комиссиянын жыйынына чакырат;

- комиссиянын жыйындарынын протоколдорун жүргүзөт, документтерди (аттестациялык баракчаларды ж.б.) тариздейт.

26. Эгерде аттестациялык комиссиянын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын, катчысынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнө чейин токтотулса, анда алардын ордуна комиссиянын мүчөлөрүнүн арасынан аттестациялык комиссиянын ишинин мөөнөтүнүн аягына чейин жаңы төрага, төраганын орун басары, катчы шайланат.

27. Эгерде аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнө чейин токтотулса, анда жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси аттестациялык комиссиянын ишинин мөөнөтүнүн аягына чейин аттестациялык комиссиянын жаңы мүчөсүн дайындоо тууралуу буйрук чыгарат.

28. ПККЖДРИ билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте мугалимдердин аттестациясын сапаттуу жана кесипкөйлүү өткөрүү максатында аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүн алдын ала даярдыктан (инструктаж) өткөрөт.

29. Аттестациядан өтүү үчүн аттестациялanууга тийиш мугалимдер жыл сайын 1-октябрга чейинки мөөнөттө ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча

аттестациялык комиссияга аттестацияга катышуу жөнүндө арыз жана өзүн-өзү баалоо баракчаларын толтуруп беришет.

30. Аттестациялык комиссиянын иш графигин жана квалификациялык категорияга талапкерлигин койгон аттестацияланууучулардын тизмеси жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

31. Аттестациялык комиссиянын иш графигинде аттестацияланууга тийиш мугалимдердин саны, аттестация өткөрүү датасы, талап кылынган документтерди аттестациялык комиссияга берүү мөөнөттөрү жана башка зарыл болгон маалыматтар көрсөтүлөт.

32. Аттестациялык комиссиянын иш графиги жана аттестацияланууучу мугалимдердин тизмеси 10-октябрга чейинки мөөнөттө жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан аттестацияланууучуларга кабарланат жана райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө (башкармалыктарга, борборлорго) берилет.

33. Райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктар, борборлор) 10 жумушчу күндүн ичинде аттестацияланууга тийиш болгон мугалимдердин тизмесин квалификациялык тестирлөөнү өткөрүү үчүн жооптуу уюмга берет.

34. Мугалимдерге квалификациялык категория ыйгаруу боюнча аттестация жыл сайын 20-октябрдан 20-апрелге чейин жүргүзүлөт. Аттестацияланууучу аттестация башталганга чейин бир айдан кечиктирбестен аттестация өткөрүүнүн мөөнөттөрү жөнүндө кол коюу аркылуу кабарланат. Ар бир аттестацияланууучу үчүн аттестациянын узактыгы ал башталган күндөн тартып ушул Жобого ылайык чечим кабыл алынганга чейин 60 календардык күндөн ашпоосу керек.

35. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси аттестациялык комиссияга ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча аттестацияга жалпы билим берүү уюмунун мугалимине мүнөздөмө-сунуштаманы берет. Аттестация өткөрүлгөн күнгө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси мугалимдерге кол койдуруп мүнөздөмө-сунуштама менен тааныштырат. Мүнөздөмө-сунуштама менен таанышкандан кийин мугалим каалоосу боюнча анын кесиптик ишин мүнөздөөчү кошумча маалыматтарды аттестациялык комиссияга берүүгө укуктуу.

Мугалим мүнөздөмө-сунуштама менен макул болбогон учурда акт түзүлөт, ага жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси жана акт түзүүгө катышкан адамдар (экиден кем эмес) кол коюшат. Акт жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан аттестациялык комиссияга берилет.

36. Аттестациядан өтүү үчүн мугалимдер бекитилген графикке ылайык иштеген жери боюнча жалпы билим берүү уюмунун администрациясы тарабынан күбөлөндүрүлгөн төмөнкү документтерди аттестациялык комиссияга тапшырат:

- жеке арызды;
- өзүн-өзү баалоо баракчасын;
- паспорттун же ким экендигин ырастоочу документтин көчүрмөсүн;
- билими тууралуу документтин, эмгек китепчесинин, квалификацияны жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоо тууралуу, илимий даража жана илимий наам ыйгаруу жөнүндө документтин көчүрмөсүн;
- мугалимдик портфолиону.

37. Квалификациялык талаптар билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан эмгек чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган

менен бирдикте бекитилет. Аттестация өткөрүү үчүн нускама-методикалык документтер илим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

38. Аттестация өткөрүү үчүн уюштуруу-техникалык шарттарды түзүү үчүн жоопкерчилик жалпы билим берүү уюмунун жетекчисине жүктөлөт.

39. Аттестация жол-жобосун өткөрүү үчүн жоопкерчилик аттестациялык комиссиянын төрагасына жүктөлөт.

## 3. Квалификациялык тестирлөө

40. Квалификациялык тестирлөө (мындан ары - тестирлөө) мугалимдерди аттестация жол-жобосунун курамдык бөлүгү болуп саналат. Тестирлөө компьютердик жана/же бланктык тестирлөө формасында кесиптик даярдыгынын, мыйзамдарды билүү деңгээлин баалоо үчүн жүргүзүлөт.

41. Тестирлөөнү өткөрүү датасы жана жери тестирлөө өткөргөн уюм менен макулдашуу боюнча райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары, борборлору) тарабынан аныкталат жана тестирлөө өткөрүлгөнгө чейин эки жумадан кечиктирбестен мугалимдерге кабарланат.

42. Эгерде аттестацияланууучу тесттеги суроолордун жалпы санынын 50 пайызына туура жооп берген болсо, анда тестирлөөнүн жыйынтыгы оң болуп эсептелет.

43. Тестирлөөнүн жыйынтыктары аттестациялык комиссияга өткөрүп берилет.

44. Тестирлөөдөн оң жыйынтык албаган мугалимдер тестирлөө өткөрүүнүн кийинки мөөнөтүндө кайрадан тестирлөөдөн өтүшөт.

45. Жүйөлүү себептер боюнча тестирлөөгө келбей калган адамдар тестирлөө өткөрүүнүн кийинки мөөнөтүндө өтүшөт.

46. Жүйөлүү себептерге төмөнкүлөр кирет:

- убактылуу ишке жөндөмсүздүк;
- тестирлөө тууралуу билдирүү өз убагында жетпей калса.

47. Тестирлөө өткөрүүнүн тартибин жана тестирлөө өткөргөн уюмду билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктайт.

## 4. Аттестация өткөрүүнүн тартиби

48. Аттестациялык комиссиянын жыйыны аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес саны катышкан учурда укуктуу болуп эсептелет. Аттестациялык комиссиянын келбеген мүчөлөрүнүн ордуна башка адамдардын катышуусуна жол берилбейт.

49. Аттестациялык комиссия аттестациянын жүрүшүндө:

- берилген документтерди жана материалдарды, анын ичинде мугалимдик портфолиону карайт;
- сабактарга катышат;
- аттестацияланууучу менен маек-интервью өткөрөт.

50. Аттестациялоодо квалификациялык категория ыйгаруунун негиздери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

1) портфолиого жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыгы;
2) сабактарга катышуунун жыйынтыгы;
3) маек-интервьюнун жыйынтыгы;
4) квалификациялык тестирлөөнүн жыйынтыгы.

Аталган жыйынтыктардын негизинде аттестациялык комиссия билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилүүчү мугалимдин квалификациясынын деңгээлин баалоонун эксперттик баракчасын толтурат.

51. Аттестация кесиптик билим жөнүндөгү дипломдо көрсөтүлгөн педагогикалык адистикке ылайык берген сабагы боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүүнү эсепке алуу менен жүргүзүлөт. Окуткан сабактар диплом боюнча адистикке шайкеш келбеген учурда, тиешелүү педагогикалык адистик алуу менен кесиптик кайра даярдоо курстарында окуудан өткөндүгүн күбөлөндүрүүчү документтин негизинде жана/же окуткан сабагы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарынан өткөндүгүн эске алуу менен окуткан сабагы боюнча аттестация жүргүзүлөт.

52. Аттестациянын жыйынтыгы мугалим алган балл боюнча сандык көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептелет, ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча аттестациялык комиссиянын жыйынынын протоколуна жазылат жана протоколго төрага, төраганын орун басары, катчы жана жыйынга катышкан комиссиянын мүчөлөрү кол коёт.

53. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча комиссия төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- тиешелүү квалификациялык категорияны ыйгаруу;
- тиешелүү квалификациялык категорияны ыйгаруудан баш тартуу.

54. Мугалимдерге квалификациялык категория ыйгаруу тууралуу чечим, ошондой аттестациялык комиссиянын сунуштамалары аттестациялык комиссиянын жыйынына катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүк саны менен ачык добуш берүү менен кабыл алынат. Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн добушунун саны тең чыгып калган учурда чечим аттестацияланууучунун пайдасына кабыл алынат.

55. Аттестациялык комиссиянын жыйынына түздөн-түз катышкан мугалимдин аттестациясынын жыйынтыгы добуштун жыйынтыгы чыгарылгандан кийин билдирилет.

56. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча мугалимге тиешелүү квалификациялык категорияны ыйгаруудан баш тартылган учурда аттестациялык комиссия аны кайра даярдоого же ПККЖДРИде квалификацияны жогорулатууга жиберүү жөнүндө сунуштама берет.

57. Мугалимге тиешелүү квалификациялык категорияны ыйгаруудан баш тартылган учурда ал кеминде бир жылдан кийин кайра аттестациядан өтүүгө укуктуу. Мөөнөтүнөн мурда аттестациядан өтүүдө квалификациялык категория мөөнөтү аяктаганга чейин сакталат.

58. Мугалимдердин квалификациялык категориясы ыйгарылган учурдан баштап беш жылга чейин сакталат.

59. Жүйөлүү себептер боюнча кезектеги аттестациядан өтпөй калган учурда мугалимдин квалификациялык категориясы жумушка чыккандан кийин бир жылдык мөөнөткө сакталат.

Жүйөлүү себептерге төмөнкүлөр кирет:

- убактылуу ишке жөндөмсүздүк;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү, бала багуу боюнча өргүү;
- ишти токтотуу себептерине карабастан квалификациялык категория ыйгарылган кызмат боюнча ишке кайра чыгуу.

## 5. Аттестациянын жыйынтыктарын чыгаруу

60. Аттестациялык комиссиянын жыйыны ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча протокол менен толтурулат.

61. Аттестациялык комиссиянын чечими ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык форма боюнча аттестациялык баракчага жазылат.

62. Аттестациядан өткөн мугалимдерге квалификациялык категория ыйгаруу жөнүндө буйрук аттестациялык комиссия чечим кабыл алган күндөн тартып 15 календардык күндөн кечиктирбестен жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан чыгарылууга тийиш.

63. Аттестациялык баракча жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан аттестация өткөрүлгөндөн кийин бир жуманын ичинде мугалимдерге тааныштырылат. Аттестациялык комиссиянын жыйынынын протоколдору, аттестациялык материалдар, аттестациялык баракчалар, аттестацияга берилген мүнөздөмөлөр жана документтер жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинде сакталат.

64. Аттестациялык комиссиянын квалификациялык категория ыйгаруу жөнүндө чечими менен макул болбогон учурда мугалим райондук же шаардык билим берүү бөлүмүнө (башкармалыктарга, борборлорго) мындай чечимге даттанууга укуктуу.

65. Жалпы билим берүү уюмдарын аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү процесстерин өркүндөтүү максатында жыл сайын өткөрүлүүчү аттестациянын жыйынтыгы боюнча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары, борборлору) аттестациялык процесске мониторинг жана баалоо жүргүзөт, алардын жыйынтыгы боюнча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга аттестациялык жол-жоболордун натыйжалуулугун өркүндөтүү боюнча сунуштар берилет.

Кыргыз Республикасынын
жалпы билим берүү
уюмдарынын мугалимдерин
аттестациядан өткөрүүнүн
тартиби жөнүндө жобонун
***1-тиркемеси***

Форма

___________________________________
(жалпы билим берүү уюму)
аттестациялык комиссиясынын
төрагасына

___________________________________
(аттестацияланууучунун аты-жөнү)

___________________________________
(жашаган дареги, телефону,
электрондук дареги)

**Аттестацияга катышуу жөнүндө**
**АРЫЗ**

_________________________________________________________________________
_______________________________________________ кызмат оруну боюнча

мугалимдин квалификациялык (категорияны көрсөтүү керек)

категориясын ыйгаруу максатында аттестациядан өтүүгө уруксат берүүнү суранам.

Кызмат орду боюнча мугалимдин

_________________________________________________________________________

(эгерде болсо - категорияны көрсөтүү керек)

квалификациялык категориясынын болушун/жоктугун тастыктайм, ыйгарылган квалификациялык категориянын

мөөнөтү 20___-жылдын "___" __________________ чейин.

Өзүм жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды билдирем:

1. Ээлеген кызмат орду (сабакты, адистикти көрсөтүү менен): ________________________________________________.

2. Педагогикалык иш стажы: ____________________________________________.

3. Билими (уюмдун аталышын, даярдыктын багытын, баштаган жана аяктаган даталарын көрсөтүү керек): ____________________________________________

_________________________________________________________________________
.

4. Квалификацияны жогорулатуу же кайра даярдоо (уюмдун аталышын, кайсы мезгилде өткөндүгүн, багытын, сааттардынкөлөмүн көрсөтүү керек)______________________________________________________________.

*Аттестация өткөрүүнүн эрежелери менен тааныштым.*

20__-жылдын "___" _______ ____________________________
(колу)

Кыргыз Республикасынын
жалпы билим берүү
уюмдарынын мугалимдерин
аттестациядан өткөрүүнүн
тартиби жөнүндө жобонун
***2-тиркемеси***

Форма

**Аттестация үчүн жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин**
**МҮНӨЗДӨМӨ-СУНУШТАМАСЫ**

1. Мугалимдин аты-жөнү
______________________________________________________________________

2. Аттестация өткөрүлгөн датага карата мугалим ээлеген кызмат орундун аталышы ____________________________________.

3. Бул кызмат орду боюнча эмгек келишимин түзүү датасы: __________________________________________________.

4. Билими (уюмдун аталышы, даярдыктын багыты, баштаган жана аяктаган даталары): _________________________________________________________.

5. Мурдагы аттестациянын жыйынтыгы (өткөрүлгөн учурда): ______________________________________________________________________.

6. Эмгек келишимине ылайык мугалимге жүктөлгөн эмгек милдеттенмелерин аткаруу боюнча мугалимдин кесиптик
ишинин жыйынтыктарынын, жекече сапаттарынын мүнөздөмөсү: ______________________________________________________________________
_______________________.

7. Берилген (ыйгарылган) жылын көрсөтүү менен сыйлык, наам, илимий даража: _________________________________________________________________.

Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси
(аты-жөнү): ___________________________________ (колу)
Окутуу-тарбиялоо иштери боюнча директордун орун басары
(аты-жөнү): ___________________________________ (колу)
Мектептик методикалык бирикмесинин жетекчиси
(аты-жөнү): ___________________________________ (колу)

Мүнөздөмө менен тааныштым
Аттестацияланууучу мугалимдин аты-жөнү: _______________
_____________________________________________________

20__-жылдын "___" ________________ _______________________________
(колу)

Кыргыз Республикасынын
жалпы билим берүү
уюмдарынын мугалимдерин
аттестациядан өткөрүүнүн
тартиби жөнүндө жобонун
***3-тиркемеси***

Форма

**Аттестациялык комиссиянын жыйынынын**
**№ _____________ ПРОТОКОЛУ**

______________________________________________________________________

(жалпы билим берүү уюмунун аталышы)

20__-жылдын "___"
______________ ______________________

(өткөрүү датасы) (өткөрүү жери)

Катышкандар:

______________________________________________________________________

(комиссиянын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын, мүчөлөрүнүн жана катчысынын аты-жөндөрү)

Аттестацияланууучу:

______________________________________________________________________

(аттестацияланууучу аты-жөнү, кызмат орду)

Аттестациялык комиссиянын төрагасы

______________________________________________________________________

(аты-жөнү)

__________________________________________ тартып
____________________________________________ чейинки

мезгилдеги аттестацияланууучунун педагогикалык иши жөнүндө маалыматы уктурулду.

Сабакка катышуунун жана маек-интервьюнун жүрүшүндө аттестацияланууучуга берилүүчү кошумча

суроолор (кыскача мазмуну):

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

Берилген балл: ___________________________

Комиссиянын чечими: ________________________________________________________________________________

(аттестацияланууучунун ишине берилген баа)

Квалификациялык категорияны ыйгаруу жөнүндө добуш берүүнүн жыйынтыгы: ________________________________________________________________________________

Аттестациялык комиссиянын төрагасы

(Аты-жөнү): ______________________________________________

Аттестациялык комиссиянын төрагасынын орун басары

(Аты-жөнү): ______________________________________________

Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү:

(Аты-жөнү): ______________________________________________

(колу)

(Аты-жөнү): ______________________________________________

(колу)

(Аты-жөнү): ______________________________________________

(колу)

(Аты-жөнү): ______________________________________________

(колу)

(Аты-жөнү): ______________________________________________

(колу)

Комиссиянын катчысы (аты-жөнү): ___________________________

(колу)

Кыргыз Республикасынын
жалпы билим берүү
уюмдарынын мугалимдерин
аттестациядан өткөрүүнүн
тартиби жөнүндө жобонун
**4-тиркемеси**

Форма

## АТТЕСТАЦИЯЛЫК БАРАКЧА

Аттестацияланууучунун аты-жөнү:

______________________________________________________________________

Туулган күнү жана жылы:

______________________________________________________________________

Билими:

______________________________________________________________________

Адистиги:

______________________________________________________________________

Академиялык даражасы: бакалавр, магистр

_____________________________________________________________

Илимий даражасы:

______________________________________________________________________

Жалпы билим берүү уюмундагы иш стажы (аттестация өткөн жери боюнча):

______________________________________

Ээлеген кызмат орду:

______________________________________________________________________

Дайындалган датасы:

______________________________________________________________________

Аттестациялык комиссиянын чечими
(_____________________________________________________________________

квалификациялык категориясын ыйгаруу же

_____________________________________________________________

квалификациялык категориясын ыйгаруудан баш тартуу (мугалимдин квалификациялык категория ыйгарылган
кызматы көрсөтүлөт)

______________________________________________________________________


Сунуштар:

______________________________________________________________________

Аттестациялык комиссиянын төрагасы:
(Аты-жөнү): ________________________________________
Катчысы (аты-жөнү): __________________________________
(колу)
Аттестациянын датасы: 20___-жылдын "___" _________________
М.О.

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МУГАЛИМИНИН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯСЫНА БОЛГОН ТАЛАПТАР

## ПЕДАГОГДУН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТАРМАГЫ



| | |
|---|---|
| **Бекитилди**<br>**Кыргыз**<br>**Республикасынын эмгек**<br>**жана социалдык өнүгүү**<br>**министрлигинин 2016-**<br>**жылдын “30”**<br>**августундагы № 143**<br>**Буйругу менен** | **Бекитилди**<br>**Кыргыз**<br>**Республикасынын**<br>**Билим жана илим**<br>**министрлигинин 2016-**<br>**жылдын “30”**<br>**августундагы№ 1235/1**<br>**Буйругу менен** |

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МУГАЛИМИНИН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРЫНА БОЛГОН ТАЛАПТАР

1. Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин квалификациялык категорияларына болгон талаптарды иштеп чыгуунун принциптери.
2. Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин квалификациялык категориясынын деңгээлинин баяндалышы.
3. Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин квалификациялык категорияларына болгон талаптар.

# I. ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МУГАЛИМИНИН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРЫНА БОЛГОН ТАЛАПТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ

1. **Ишмердүү-компетенттүү ыкма.** Белгилүү кесиптик ишмердиктин тармактарында педагогдун маанилүү компетенттүүлүктөрүн баалоодо жүзөгө ашырылат. Педагогикалык ишмердикте чагылдырылган мугалимдин чеберчилигин көрүүгө багытталган. Педагогдун ишмердиги жөнүндө жана ушул ишмердикте көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөрдүн маалымат булагы бул педагогдун ишинин жыйынтыктары жана продуктулары. Педагогдун ар кайсы чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнүн далилдерине негизделген баа берилет.

2. **Критериалдык-багытталган серпетик баалоо.** Аттестациянын жыйынтыктарын башынан так коюлган эталон (жетишкендиктердин белгилүү тармагы, бөлүнгөн критерийлер жан индикаторлор) менен салыштыруунун негизинде аныктоо болжолдонот. Окуу-тарбия берүү процессинин бардык тараптарын баалоого мүмкүндүк берет жана баанын объективдүүлүгүн камсыз кылат.

3. **Педагогдун квалификациясынын деңгээлин дифференциациялоо.** Квалификациялык денгээлдер боюнча педагогикалык жумушчуларды дифференциациялоого мүмкүндүк берген критерийлерди жана баалоонун индикаторлорун (көрсөткүчтөрүн) аныктоону болжолдойт.

4. **Гуманисттик серепке багытталуу.** Аттестация процессинде оң психологиялык климаттын түзүлүшүн жана аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ак ниеттүү болушун болжолдойт. Гуманисттик серептин максаты – педагогдун күчтүү жактарын көрүү, анын жетишкендиктерин баалоо жана педагогду кесиптик ишмердикти жакшыртууга жана кийинки кесиптик өсүүгө тартуу.

## II. ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МУГАЛИМИНИН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯСЫНЫН ДЕҢГЭЭЛИНИН БАЯНДАЛЫШЫ.

Белгилүү квалификациялык категорияга ылайык келүү мугалимдин компетенцияларынын жыйнагы менен аныкталат. Компетенцияларга ээ болуу үч категориянын деңгээлинде болушу мүмкүн, экинчи категориядан жогорку категорияга мугалимдин кесиптик өсүшүн байкоого мүмкүндүк берет. Деңгээлдер кесиптик рефлексиянын, педагогикалык чеберчиликтин, окуучуларда негизги компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталуунун (окуучулардын өз алдынчалуулугун кошкондо) даражасы менен айырмаланышат.

### 2 категориядагы мугалим

Инсандык-багытталган окутуунун принциптерине жана компетенттүү ыкмага ылайык педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашырууга умтулуу. Өзү үчүн жаңы болгон  педагогикалык практикада пайдаланылып жаткан усулдарды жана окутуу техникаларын табат жана өздөштүрөт. Дифференциацияланган окутуунун айрым усулдарын жана ыкмаларын билет, аларды класска негизги түрдө колдонула тургандай кылып пайдаланат. Мектеп ичинде педагогдор коомчулугунун ишмердигинде катышат. Өзгөчө керектөөлөрү бар окуучуларга чөйрөнү ылайыктайт. Ачык сабактарды даярдайт жана өткөрөт, талкууга жана отурумдарга/семинарларга катышат. Сабакка инновациялык элементтерди, техниканы өздөштүрөт жана киргизет. Белгилүү усулдарды жана окутуу каражаттарын конкреттүү шарттарга ылайыкташтырат. Окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн сунушталган ыкмаларды планга киргизет жана жүзөгө ашырат. Айрым педагогикалык кырдаалдарда кабыл алынып жаткан чечимдердин эффективдүүлүгүн анализдейт. Жеке кесиптик кызыкчылыктын негизинде, мектеп администрациясынын жана коллегаларынын сунуштарын эске алуу менен кесиптик өсүүнүн максаттарын аныктайт. Педагогикалык ишмердик негизинен педагогдун кесибинин предметтик жагына багытталган.

### 1 категориядагы мугалим

Тутумдук түшүнүккө жараша инновациялык усулдарды пландайт жана пайдаланат.  Окутулуучулардын керектөөлөрүнө (социалдык, тил ж.б.) жана алардын индивидуалдык-инсандык өзгөчөлүктөрүнө (когнитивдик, психологиялык, физикалык ж.б.) жараша окутууну индивидуалдаштыруу үчүн ар түрдүү ыкмаларды пайдаланат. Сабак берилип жаткан предметтин чегинде окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүн максаттуу түрдө калыптандырат: окуучулардын өз алдынчалуулугун жана көйгөйдү чечүү көндүмдөрүн өнүктүрөт, маалыматтык-коммуникативдик технологияларды

эффективдүү пайдаланат. Жеке ишмердигин анализдөөнүн жана окуучуларды окутуунун жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде жеке кесиптик өсүүдөгү керектөөлөрдү аныктайт. Өз мектебинин педагогдору үчүн устат болуп саналат: окутат, тажрыйбасын көрсөтөт, окутууну уюштурат, тажрыйбасы аз коллегаларына жардам берет. Мектепте жана коомчулукта жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүдө катышат, активдүү түрдө ата-энелерди тартат. Окутулуп жаткан педагогдор коомчулугунун ишмердигине салымын кошот. Окутуу процессинин, каражаттардын, усулдардын, окутуу шарттардын жана тарбия берүүнүн айрым элементтерин түзөт.

**Жогорку категориядагы мугалим**

Кесипти жеке салымы менен байытат: иштеп чыгат, жаратат, өз тажрыйбасын байытат жана башка педагогдорду окутат. Тутумдук түшүнүүгө жана практикада жүзөгө ашырунуун өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун инновациялык усулдарын пайдалануу жана баалоо боюнча коллегаларына мастер-класс тарды өткөрөт. Жеке ишти жакшыртуу үчүн кесиптик рефлексияны пайдаланат жана жеке тажрыйбаны жалпылайт жана аны педагогдор үчүн усулдук иштеп чыгуулар, басылмалар жана башкалар түрүндө берет. Окутуу процессинин, каражаттардын, усулдардын, окутуу шарттардын жана тарбия берүүнүн жаңы элементтерин түзөт. Мектептеги педагогикалык ишмердүүлүктүн анализинин жана окуучулардын керектөөлөрүнүн анализинин негизинде жеке кесиптик өсүүнүн керектөөлөрүн аныктайт, коллегалар менен бирге көйгөйлөрдү чечүү боюнча максаттарды белгилейт жана максаттуу түрдө аларды чечишет. Жеке ишмердигин жана башкалардын ишмердигин анализдейт жана окутулуп жаткан педагогдор коомчулугунун ишмердигин алдыга жылдырат. Окутулуп жаткан педагогдор коомчулугунун ишин демилгелейт, мектепте педагогикалык ишмердикти жакшыртуу боюнча милдеттердин коюлушун жетектейт. Кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдө изилдөөчү катары өзүн көрсөтөт. Өзүнүн тажрыйбасын райондук/шаардык/областык жана/же улуттук деңгээлде көрсөтөт. Мазмундуу коммуникацияны түзөт, өзүнүн ишмердигин ушул чөйрөдөгү (башка сабактан бергендер, психологдор ж.б.) кесипкөйлөрдүн ишмердиги менен салыштырат.

## III. ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МУГАЛИМИНИН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯСЫНА БОЛГОН ТАЛАПТАР

Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгү улам-улам жаңылануунү жана чеберчилигин жакшыртууну, болгон тажрыйбаны өнүктүрүүнү,

компетенттүүлүктүн деңгээлин жогорулатууну талап кылат. Бул маселелердин чечилишине көмөктөшкөн маанилүү каражаттардын бири педагогдун аттестациясы болуп саналат, анын процессинин мазмуну Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн **2016-жылдын 11-августундагы №439** токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жумушчуларынын аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө Жободо чагылдырылган.

Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүн баалоо үчүн негиз болуп педагогикалык процесс менен аныкталган, педагогго болгон заманбап талаптарды жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына киргизилген негизги принциптерди жана талаптарды жүзөгө ашырылышын чагылдырган иш аракеттердин жыйындысы саналат.

Педагогдордун кесиптик ишмердүүлүгүнүн алкактары мектеп педагогдорунан кесиптик компетенттүүлүктү билүүсүн талап кылган, жана Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн **2014-жылдын 21-июлундагы № 403** Токтому менен бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандарттарында берилген мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги жана алдыңкы түрлөрүн чагылдырат.

**Таблица1. - Кесиптик педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тармактары боюнча иш билгилиги жана жалпы көрсөткүчтөр**

## Дасыктык талаптар

Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүнүн деңгээлинин ар түрдүүлүгүнүн жана кайсы бир деңгээлди мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн тизмесинин калыптануусунда өтмө чен – өлчөмдөр (критерийлери) негиз катары каралат. Педагогдун дасыгынын тандалган деңгээлдери бири-бири менен тыгыз байланышта болот: жогорку деңгээлдер өзүнө өзүнөн мурунку деңгээлдерди камтыйт жана аларга негиз катары таянат. Педагогикалык практикада алар органикалык бирдик катары каралат.

<table>
<tr><th>Кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы</th><th>Компетенциялары</th><th>2-категория</th><th>1-категория</th><th>Жогорку категория</th></tr>
<tr><td rowspan="3">1. Күтүлгүчү натыйжаларды пландаштыруу жана баалоо</td><td rowspan="3">1.1. Педагог окуучуларды окутуунун жараянын жана натыйжасын мамлекеттик жан предметтик стандарттарга, окутуу программасына жана бардык окуучулардын өзгөчөлүгүнө жана мүмкүнчүлүгүнө ылайык пландаштырат.</td><td colspan="3">1.1.1. Педагог окутуудагы бардык окуучулардын өзгөчөлүгүн жана керектөөлөрүн эске алуу менен, негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн калыптануусун, ошондой эле баалуулуктарды жана мамилелерди сабактын, теманын жана окутуу менен тарбия берүү программаларынын деңгээлине ылайык пландайт.</td></tr>
<tr><td colspan="3">1.1.2. Педагог окутуудагы бардык окуучулардын өзгөчөлүгүн жана керектөөлөрүн эске алуу менен, окуучулардан күтүлгөн жыйынтыктарды алуучу сабактардын планына, предметтик стандарттарга жана окуу программасына ылайык ченелүүчү, жетише алаарлык, демилгелүү үйрөтүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү максаттарды коет.</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">1.1.3. Мектеп деңгээлинде окутуу-тарбиялоо жараянын биргелешип пландаштырууда кесиптештерине методикалык колдоо көрсөтөт: ар бир сабакка түзүлүүчү, календардык жана окутуу-тарбиялоо иш пландарын түзүүдө.</td></tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 1.1.4. Сабактардын өздүк план-конспекттерин жарыялайт, стандарттарды иштеп чыгууга жана предмет боюнча окутуунун жыйынтыктарына катышат, өлкө, аймак, шаар жана район деңгээлиндеги окутууну өнүктүрүү пландарын курууга катышат. |
| | 1.2. Педагог диагностикалык, калыптандыруучу жана с жыйынтыктоочу баалоонун түрлөрүн колдонуу аркылуу окутуунун күтүлгүчү натыйжаларына жараша окуучулардын жетишкендиктерин көзөмөлдөйт жана пландаштырат. | 1.2.1. Окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жана алган бааларына жараша ( долбоорлор, изилдөөлөр, жыйынтыктоочу иштери, эссе ж.б.) ар түрдүү ыкмаларды жана и куралдарды колдонуу аркылуу аралык жана жыйынтыктоочу баалоону системалык түрдө пландайт жана өз учурунда өткөрөт. | | |
| | | 1.2.2. Окуучулардын баштапкы билим деңгээли тууралуу же болбосо окуу жараянынын жүрүшүндө жетишкендиктери тууралуу маалымат алып туруу үчүн окутуу жараянынын бир бөлүгү катары сабактарда такай диагностикалык жана калыптандыруучу баалоону колдонуп турат. Ошондой эле чен-өлчөмдөрдүн негизинде окуучуларды өзүн өзү баалоо жана биргелешип баалоо жараянына катышууга тартып турат. | | |
| | | | 1.2.3. Окуучулардын өнүгүүсүн демилгелөөнү жана аларга колдоо көрсөтүүнү өркүндөтүүнү баалоо маданиятын калыптандыруу максатында биргеликте пландоо жана баалоо жараянын жүргүзүүдө мектеп педагогдоруна методикалык колдоо көрсөтөт. | |
| | | | | 1.2.4. Район, шаар, аймактагы мектеп педагогдоруна баалоо жараянын пландаштыруунун жана өткөрүүнү үйрөтөт. Ошондой эле педагогдор менен бирдикте өнүгүүнү демилгелөөгө жана колдоого багытталган баалоо маданиятын калыптандырууга катышат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1.3. Педагог окутуу жараянын жакшыртуу, окуучуларды демилгелөө жана окутуу процессине тиешеси бар бардык катышуучуларды маалымат менен камсыз кылып туруу үчүн талдоо жүргүзөт жана окуучулардын жыйынтык көрсөткүчтөрүн колдонот. | 1.3.1. Окуучулар кабылган кыйынчылыктарды аныктоо үчүн талдоо жүргүзөт жана окуучулардын жетишкен жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүн колдонот. Ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн зарыл чараларды да колдонот (мисалы, окуучулар үчүн окуу тапшырмаларын орнотуу же болбосо окутуу жараянына / окутууга өзгөртүүлөрдү киргизүү). | | |
| | | 1.3.2. Окуучулардын андан аркы өнүгүүсүнө демилге көрсөтүү менен бирдикте алардын баштапкы көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу жетишкендиктер бар экендиги тууралуу же болбосо программада пландалган жыйынтыктар тууралуу өз учурунда жана сапаттуу кайра байланыш түзөт. | | |
| | | 1.3.3. Окуучуга жана анын үй-бүлөсүнө сылык мамиле жасоо аркылуу, окуучунун ата-энесине анын жетишкен көрсөткүчтөрү тууралуу ар дайым так маалымат берип турат. | | |
| | | | 1.3.4. Дайыма окуучулардын предметтик тармактар, класстар жана параллелдер боюнча мектептин деңгээлинде билим берүүнүн сапатына баа берүү үчүн жыйынтыктарынын талдоосун өткөрөт жана кесиптештер менен бирдикте окуу жараянын жана окуутунун программасын жакшыртуусун пландаштырат. | |
| | | | | 1.3.5. Өлкөнүн, аймактын, шаар /райондун деңгээлинде окуучулардын жетишкендигин баалайт жана талдоо жүргүзөт жана аларды окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча айкын сунуштарды иштеп чыгуу үчүн пайдаланат. |

<table>
<tr><th>Кесиптик ишмердүүлүк</th><th>Компетенциясы</th><th>2- категория</th><th>1 -категория</th><th>Жогорку категория</th></tr>
<tr><td rowspan="6">2. Мазмунду тандоо, түзүү жана активдүү окутуу /окуп – үйрөнүү усулда-рын билүүсү</td><td rowspan="4">2.1.Педагог окутуу жараянын окуткан сабагынын мазмунуна жана ыкмасына, билимине жана концепциясын түшүнүшүнө карата жүргүзөт.</td><td colspan="3">2.1.1. Окутуу программасынын практикасына заманбап билимге, стандарттарга негизделген программаны иштеп чыгат жана киргизет, аларды дайыма баалап жана талдап турат.</td></tr>
<tr><td colspan="3">2.1.2. Сабактын мазмунун сабактын концепциясына жараша жана күтүлүүчү натыйжаларга жараша толуктап турат, анда жаңы булактарга, илимий фактыларга таянат жана маалымат менен иштей билгенин көрсөтөт.</td></tr>
<tr><td rowspan="2"></td><td colspan="2">2.1.3. Мектептеги кесиптештери менен бирге сабактын мазмунун өркүндөтүү боюнча биргелешип иштөө демилгесин көтөрөт, сабак боюнча кошумча материалдарды издештирет жана сабакта окутууну жыйынтыгына жетишүү жолдорун караштырат.</td></tr>
<tr><td></td><td>2.1.4. Окуу-усулдук комплексин (ОУК) иштеп чыгууда, аны иштетип көрүүдө жана окуу-усулдук комплексин (ОУК) талдоого катышат, окуу китебинин жана окуу-усулдук материалдардын автору/иштеп чыгуучусу болуп саналат.</td></tr>
<tr><td rowspan="2">2.2. Педагог сабакты окутуунун максатына жана жыйынтыгына жараша, окуучулардын баарынын жөндөмүнө</td><td colspan="3">2.2.1.Окутуунун максатына жана жыйынтыктарына жараша активдүү окутуунун ар кыл ыкмалары менен жолдорун колдонот.</td></tr>
<tr><td colspan="3">2.2.2. Окуучулардын өзгөчө талаптарына шайкеш келүү максатында дифференцияланган окутууну жүргүзөт, окуучулардын жөндөмүнө жана талаптарына жараша лингвистикалык, маданий жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөргө жооп бергидей билим берүүнүн ар кыл стратегиясын пайдаланат</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td rowspan="6"></td><td rowspan="2">жана талап коюусуна жараша активдүү окутуунун ар түрдүү ыкмалары менен усулдарын пайдаланат, бул өмүр бою окуунун негизи болуп калгыдай болот.</td><td rowspan="2"></td><td colspan="2">2.2.3. Лингвистикалык, маданий жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөргө жараша ар бир окуучунун жөндөмүнө жана талаптарына шайкеш келе турган билим берүү стратегиясынын практикасына биргелешип киргизүү боюнча кесиптештерине усулдук көмөк көрсөтөт.</td></tr>
<tr><td></td><td>2.2.4.Окуучулардын жөндөмүнө жана талаптарына шайкеш келгидей натыйжалуу билим берүү стратегиясын киргизүү практикасын жалпылайт жана аларды усулдук семинар жана макала түрүндо көрсөтөт.</td></tr>
<tr><td rowspan="4">2.3.Педагог окуучулардын компетенттүүлүгүн арттырууга жана кызматташуунун баалуулугун калыптандырууга багытталган технологияны колдонот.</td><td colspan="3">2.3.1.Көйгөйдү чечүүгө болгон шыгын, сын көз жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн технологияны тандайт жана иште колдонот</td></tr>
<tr><td colspan="3">2.3.2.Окуучулардын коммуникациясын жана бири-бири менен алакасын натыйжалуу уюштурат жана топторду түзүү, экиден жана жалпы класс менен ишти уюштуруу аркылуу бардык окуучуларды тартат.</td></tr>
<tr><td colspan="3">2.3.3. Маалыматтык - коммуникациялык технологияны (МКТ) окутуу жараянына киргизет жана окуучуларды маалымат менен иштөөгө үйрөтөт.</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="2">2.3.4. Көйгөйдү чечүү жөндөмүн арттыруу, маалымат менен иштөө, сын жана чыгармачыл көз карашты, коммуникацияны арттыруу боюнча кесиптештерине натыйжалуу педагогикалык ыкманы тандоо жана колдонуу боюнча, анын ичинде МКТны пайдалануу, жардам берет.</td></tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 2.3.5.Окуучулардын компетенттүүлүгүнүн негизин арттыруу боюнча педагогикалык технологияларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, педагогдорду окутат, район/щаар, аймак, өлкө деңгээлинде аларды ойлонуп пайдалануу боюнча педагогдорду окутат |
| ***Кесиптик ишмердүүлүк*** | ***Компетенттүүлүгү*** | ***2- категория*** | ***1 -категория*** | ***Жогорку категория*** |
| 3. **Бардык окуучу-лар үчүн шыктан-дыруучу-мотива-циялык билим берүү чөйрөсүн түзүү (тең жана адилет-түүлүк принцип-тери боюнча)** | 3.1.Педагог окуу жараянынын бардык катышуучулары бири-бири менен иштей алгыдай жагымдуу психологиялык чөйрөнү түзөт. | 3.1.1. Сабактарда окуучулар менен баарлашуунун диалог жана полилог формаларын колдонот | | |
| | | 3.1.2. Класста (сабакта) окуу бирикмелерин түзүүнү шарттайт, анда бир окуучу өзүнүн ошол бирикмеге таандык экенин сезет жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга колдоо таба алат. | | |
| | | 3.1.3. Ар кандай окуу кырдаалында окуучулардын биргелешип активдүү иш жүргүзүү шартын түзөт | | |
| | | | 3.1.4. Башкалар менен бирдикте мектепте окуу бирикмелерин түзүү боюнча иш жүргүзөт, балдардын өсүшүн жана окуусун камсыздоо үчүн башкалар (кесиптештер, ата-энелер) менен бирдикте иштейт. | |
| | | | | 3.1.5. Башка адистер менен өзүнүн ийгиликтүү кызматташуу тажрыйбасынан бөлүшөт (жолугушууларда, форумдарда, чыгармачыл-класстарда, педагогикалык басылмаларда), жолугушууларда, форумдарда жана мектептен башка жерлерде аларга тиешелүү бардык иште өз көз карашын эркин билдирет. |

| | | |
|---|---|---|
| | 3.2. Педагог окуучулардын жынысына, этникалык тегине, маданиятына, эне тилине, динине, социалдык-экономикалык макамына карабай активдүү окууга катышууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылат | 3.2.1. Педагог ар бир окуучунун ар кандай сабактарда жана долбоорлордо катышуусуна мүмкүнчүлүк түзөт |
| | | 3.2.2. Жөндөмү жана билим талаптары ар башка, ошондой эле социалдык теги ар кандай окуучулар көпчүлүк сабактарга катышкыдай кылып чөйрөнү көндүрүп, иштин түрү менен ыкмаларын тандап жүргүзөт. |
| | | 3.2.3. Мектепте инклюзивдүү жагдай жана жалпысынан жагымдуу жагдайды түзүү боюнча иштейт, анда ар бир окуучуга бирдей мүмкүнчүлүк түзүлүп, ар бири ошол мектепке тишелүү экенин сезип, ар бири мектептин турмушуна катыша алгандай болот. Кесиптештери менен бирдикте мектепте бирдей мүмкүнчүлүктүн жана ар түрдүүлүктүн чөйрөсүн түзөт. |
| | | 3.2.4. Инклюзивдүү жана балдарга кызмат кылган мекеме катары калыпташ үчүн мектепте жана мектептеги бирликтерде көп кырдуулуктун баалуулугун үгүттөйт жана мектептен тышкары жерлерде да көп кырдуулуктун маселесин кенири талкуулайт . |
| | 3.3. Билим жана маалыматтык чөйрөнү түзөт жана аны натыйжалуу пайдаланат | 3.3.1.Сабактарда маалыматтык чөйрөнү мультимедиа технологиясын жана аудиовизуалдык каражаттарды колдонуу жана окуучуларга маалыматтык ресурстардын мазмуну менен таанышууга мүмкүнчүлүк берип жана өз ара баарлашуунун ар кыл түрлөрүн колдонууга тартуу менен маалыматтык чөйрөнү байытат (чат, электрондук почта, бет ачарлар ж.б.) . |
| | | 3.3.2.Окуучуларды ар кыл маалыматтык булактарды пайдаланууга жана мобилдик маалыматтарды академиялык чындык принциптери менен пайдаланууга шыктандырат |
| | | 3.3.3.Мектептеги кесиптештери менен педагогдор жана окуучулар ар кыл техникалык каражаттарга сын көз менен кароо зарлыдыгын талкуулоону демилгелейт (анын ичинде Интернеттен алыган маалыматты). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 3.3.4. Сабактарда заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык технологияны пацдалануу тажрыйбасынан бөлүшөт.Алардын мыктыларын чыгармачыл-класстарда, макалаларда көрсөтөт, кесиптештери жана башка адистер менен бирге мектептен тышкары долбоорлорду иштеп чыгат. |
| ***Кесиптик ишмердүүлүгү*** | ***Компетенттүүлүгү*** | ***2- категория*** | ***1- категория*** | ***Жогорку категория*** |
| **4. Кесиптик деңгээлди жогорула-туу жана жамаат-тын өкүлдөрү менен кызмат-таштыкта болуу** | 4.1.Педагог өзүнүн кесиптик жагынан өсүшүн камсыздап жана маселени чечет, анда өзүнүн кесиптик талаптарынын, окуучулардын талаптарынын, мектептин, билим берүү системасынын жана улам өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү өзгөрүүлөрдүн негизине таянат. | 4.1.1. Кесиптик жактан өсүү планын педагог Кыргызстандагы билим берүүнүн жалпы стратегиясынын негизине, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана жеке талаптарына жараша түзтөн. | | |
| | | 4.1.2. Жалпы педагогикалык жана атайын компетенттүүлүктү өстүрүүгө багытталган кесиптик билим берүү программалары боюнча окуйт. | | |
| | | | 4.1.3. Кесиптик жактан өнүгүүнүн инсандык -бараандуу максаттарды коёт, кесиптештерине кесиптик жактан өнүгүүнүн инсандык-бараандуу максаттарлы коюуга жардам берет жана педагогдорду окутууну өркүндөтүү жолдоруна үйрөтөт. | |


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 4.1.4. Мектептин педагогдорунун кесиптик жактан өсүшүнүн стратегиясынын өнүгүшүн пландайт, алып барат, ал кесиптештерин кесиптик жактан окутуу талабына шайкеш келет жана алар менен алдын-ала ишжүргүзөт. |
| | | | | 4.1.5. Кесиптик жактан окуунун программасы менен стратегиясын иштеп чыгууда негизги ролду ойнойт, анда маанилүү изилдөөлөргө  талдоо жасап жана сын көз менен карайт, сабакты окутуу практикасын өнүктүрүүдө жана өркүндөтүүдө аткарылышы татаал келген максаттар менен иштейт, жаш адистер менен баарлашат, алардын өздөрүнүн кесиптик жактан өнүгүү боюнча жеке план түзүүгө шыктандырат. |
| | 4.2.Педагог кесиптештери менен кесиптик жактан өз ара кызматташуу жана баарлашуужолдоруна ээ. | 4.2.1. Кесиптештери менен конструктивдүү байланышка барып, сабак өтүүнүн кесиптик билимин жана практикасын пайдаланат. | | |
| | | 4.2.2. Мектепте окутуу боюнча кесиптик бирикмелерди түзүүгө катышат. Кесиптештери менен бирге кесиптик окутуунун натыйдалуулугун баалоого катышат, анда алган билимди окуучулардын талаптарына шайкеш келтирүү констексинде каралат. | | |
| | | | 4.2.3. Кесиптештери менен кесиптик талкууларды уюштурат, анда окутуу практикасын баалашат, бул окуучулардын билим берүү жетишкендигин жогорулатууга жана сабакты окутуу тажрыйбасын жана кесиптик билимди өстүрүүгө багытталган.. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 4.2.4. Мектептин практикасына кесиптик талкууларды киргизет, жана/же педагогдордун/мектептердин биргелешип иштөө тажрыйбасын көрсөтөт, бул экинчи тараптын байланышына, азыркы изилдөөлөрдү жана окутуу практикасын талдоого алууга негизделген, бул окуучуларга билим натыйжаларын жогорулатуу максатын көздөйт. | |
| | | | | 4.2.5. Кесиптештер арасында кесиптик жактан баарлашуу, экинчи тараптын байланышын камсыздоо, окуучуларды окутууну мындан ары өркүндөтүү масатында изилдөөлөрдү жана практиканы талдап, жолугушууларды, чыгармачыл-класстарды уюштуруп, аларды кеңири жайылтууга үгүттөп жана аларга өзү да катышат. |
| | | | | 4.2.6. Окутуучу кесиптик бирикмелер менен ассоциациянын өнүгүшүнө шарт түзүп, окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн коомчулуктун кеңири катмары менен тыгыз байланыш түзөт. Изилдөө иштерине катышат, сапаттуу окутуу мүмкүнчүлүгүн шарттайт. Окутуучу кесиптик бирикмелер менен ассоциацияларда лидер болот жана мектептен сырткары жерлерде кесиптештерин окуу жана катшуу мүмкүнчүлүгүнө шыкак берет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 4.3.Педагог кесиптик этиканын жана педагогикалык маданияттын бийик деңгээлин көрсөтөт. | 4.3.1. Кесиптик этиканын жана педагогдун жүрүш-туруш нормаларын жалпы талаптарына жооп берет. | | |
| | | | 4.3.2. Жүрүш-туруштун жогорку этикалык нормаларын сактайт жана кесиптештерине кесиптик этиканын жана жүруш-туруш эрежелерин сактоого көмөк берет жана булардын баарынын бардык мектепте, кесиптик бирикмелеринде сакталышын камсыздайт. | |
| | | | 4.3.3. Кесиптештер менен бирдикте педагогикалык этиканын жана мектепте мугалимдин академиялык кадыр-баркын сактоо маселесин конструктивдүү талкууга алууну демилгелейт. . | |
| | | | | 4.3.4. Этикалык жүрүш-туруштун үлгүсүн көрсөтөт жана аны кесиптештер, окуучулар жана жергиликтүү бирикмелерде адис катары сүйлөшүүдө колдонот. |
| | | | | 4.3.5.Кесиптик этика меселелерин көтөрүп жана алдыга жылдырат, педагогдун академиялык кадыр-барк маселесин макалаларда, жолугушууларда, форумдарда район, шаар жана өлкөнүн деңгээлинде демилгелейт. |

# КВАЛИФИКАЦИЯЫК КАТЕГОРИЯЛАРДЫН ДЕҢГЭЭЛИ


Белгилүү бир дасыктык категорияга дал келүү педагогдун компетенциясынын жыйнагы менен бекемделет. Компетенцияга ээ болуу үч категория менен ишке ашат, алар педагогдун экинчи категориядан тартып жогорку категорияга чейинки өсүүсүн шарттайт. Деңгээлдер кесиптик ой жүгүртүү, педагогикалык чеберчилик, окуучулардын (өз алдынчалуулугу) негизги компетентүүлүк багыты менен айырмаланат.




**1-Сурёт.Педагогдун дасыктык категориялардын деңгээли**

Берлиген квалификациялык категориялардын модели жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык коомчулугу үчүн маанилүүлүк жана баалуулук контекстинде анын кесиптик чеберчилигинин өсүшү менен өз ара байланыштагы мугалимдин горизонталдык карьера куруу идеясына максатталган, бул анын кийинки карьералык жана вертикалдык багыттагы өсүштү ишке ашыруусуна жолтоо болбойт (1-сүр.).

Төмөндө (2-сүр.) квалификациялык категориялардын жана мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн алкатарынын катнашы берилген.





**2-Сурёт.Педагогдун кесиптик өсүүсү**

# КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРДЫН ДЕҢГЭЭЛДЕРИН ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛОО ҮЧҮН КРИТЕРИЙЛЕР

## КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРДЫН ДЕҢГЭЭЛДЕРИН ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛОО ҮЧҮН КРИТЕРИЙЛЕР:

**1. Педагогдун багытталуусу**

Ушул критерий динамикада каралат, предметтик-ориентирленген багытталуудан гуманитардык, инсандык-ориентирленгенге өтүүнүн негизинде педагогдун инсандыгынын **мотивацияланган түзүмүн өнүктүрүүдө** көрүнөт.




**2. Үзүрлүүлүк жана чыгармачылык**

Ушул критерий **педагогдун педагогикалык ишмердүүлүгүн педагогикалык чыгармачыл ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө таянып пландалган жана болжолдонгон жыйынтыкка айландыруу жөндөмдүгүндө каралат.**Бул критерийдин негизинде педагогдун усулдарды (ылайыктоолорду), ыкмаларды, билим берүү максаттарынын чечүү жолдорун жөнөкөй ылайыктоодон иштеп чыгууга, жаңыларды түзүүгө, максималдуу эффективдүүлөргө чейин окуучулардын керектөөлөрүнө өтүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү динамикасы жатат.





**3. Тутумдуулук принцибин жүзөгө ашыруунун денгээли**

Тутумдук ыкма – илимий түшүнүү усулу, анын негизинде система катары объектилерди тутум катары кароо; толук педагогикалык процессте аны эсепке алуу – педагогикалык көрүнүштөрдү жана процесстерди кароодо негизги талаптардын бири. Сабак берүүдөгү тутумдук ыкма окутуу процессин толук тутум катары көрүүгө мүмкүндүк берет.

Бул ыкманын педагог менен жүгөзөгө ашырылыш денгээлине жараша окуучулардын түзүлүп жаткан компетенттүүлүгүнөн түзүлгөн толуктук, терендик, тазалык, түшүнүк терең болот.

**Ушул критерий педагогдун окуткан предметин айрым тема, бөлүмдүн, сабактын деңгээлинен окуу көйгөйүн ар тараптуу кабыл алууга, байланыштын ар түрдүүлүгүндө негизги компетенттүүлүктөргө ээ болгон ар тараптуу өнүккөн инсанды өнүктүрүү жана түзүү үчүн предметтин мазмунун жүзөгө ашыруу жана алып баруу жөндөмдүгүнө чейин динамикада чыгат.**



**4. Рефлексия деңгээли.**

Рефлексия педагогикалык ишмердүүлүктө аныктоочу ролду ойнойт, педагогду жеке кесиптик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын өз алдынча анализдөөгө, окуучулардын жүрүм-турумун, ата-энелерди, инсандар аралык өз ара аракеттенишүүнү анализдөөгө, ошондой эле окуучулар менен өз ара аракеттенишүүнү коррекциялоого багыттайт.

Рефлексиялаган педагог демократиялык сабак берүү стилине, жеке ишмердүүлүгүнө карата мамиле боюнча сын көз карашка жөндөмдүү.

Рефлексиялаган педагог – бул ойлогон, анализдеген, өз тажрыйбасын изилдеген мугалим, “өз кесибинин түбөлүк окуучусу” (Д. Дьюи).

**Бул критерий “ушул жерде жана азыр” конкреттүү кырдаалдын анализинен панорамдык мүнөзгө айланып бара жаткан, кесиптик, моралдык-этникалык жана кеңири социалдык критерийлерди жана өз ишмердүүлүктү баалоонун көрсөткүчтөрүн камтыган өзүнө-өзү анализ жүргүзүүнүн терең деңгээлине чейин динамикада байкалат.**



# АТТЕСТАЦИЯНЫН ТАРТИБИ

# АТТЕСТАЦИЯНЫН ТАРТИБИ

## I. Алдын алуучу этап

- Аттестацияланууучу өзүнө-өзү баа берүү баракчасын толтуруусу
- Аттестацияланууучу нун жеке арыз жазуусу
- Мугалимдин портфолиосун даярдоо
- башка документтер (Жобонун 36-пункту)

## II. Тестирлөө

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды билүүсүн
- Педагогиканын негиздерин, психологияны жана сабак берүү усулдарын билүүсүн
- Окутулуп жаткан предметти билүүсүн текшерүү

## III. Аттестациялык комиссиянын эксперттик баалоо жщргщзщщсщ

- Документтерди, материалдарды, портфолиолорду кароо
- Аттестацияланууучу-нун сабагына байкоо жүргүзүү
- Аттестацияланууучу менен интервью-маектешүү

## IV. Аттестациялык комиссиясынын жыйынтыктарды чыгаруусу

- Баллдарды саноо
- Квалификациялык категориянын деъгээлин аныктоо
- Аттестациялык комиссиясынын чечим кабыл алуусу
- Протоколду жана аттестацияланууучунун аттестациялык баракчасын тариздөө

# АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН ИШТӨӨ АЛГОРИТМИ

**АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН ИШТӨӨ АЛГОРИТМИ:**

| № | ИШТИН МАЗМУНУ |
|---|---|
| 1 | Аттестация боюнча ченемдик документтер менен таанышуу жана түшүнүү:<br>✓ Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүү тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-августундагы № 439 бекитилген Токтому) *(мындан ары Жобо)*<br>✓ Жалпы билим берүү уюмунун мугалимдеринин квалификациялык категорияларына болгон талаптар (КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2016-жылдын "30" августундагы № 143 Буйругу менен, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2016-жылдын "30" августундагы № 1235/1 Буйругу менен бекитилген)<br>✓ КР жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жумушчулары үчүн аттестацияны өтүү боюнча Колдонмо.<br>✓ Нускама. Аттестациядан өтө турган жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин тестирлөөдөн өткөрүүнүн биринчи этапы (КР БИМ караштуу УТБ). |
| 2 | Аттестациялык комиссия үчүн аттестация өткөрүү боюнча Колдонмо менен таанышуу. |
| 3 | Аттестациялык комиссия түзүү жана анын курамы тууралуу жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу (Жобонун 16-п.) менен, ошондой эле иш графиги жана аттетациядан өтө тургандардын тизмеси менен (Жобонун 30-п.) таанышуу |
| 4 | Аттестациялык комиссиянын негизги функциялары менен таанышуу (Жобонун 21-п.). |
| 5 | Аттестациялык комиссиянын биринчи жыйналышында аттестациялык комиссиянын төрагасын, төраганын орун басарын, катчысын тандоо (Жобонун 22-п.) |
| 6 | Төрагага, төраганын орун басарына, катчысына милдеттери менен таанышуу (Жобонун 23-,24-,25-,26-,27-пункттары). |
| 7 | Аттестацияны өтүү үчүн мугалим берген документтер менен таанышуу (Жобонун 36-п.):<br>– Мугалимдин өзүнө-өзү баа берүү баракчасы.<br>– Мугалимдин жеке арызы.<br>– , мугалимдин алган баасы мугалимдин аттестациянын кийинки этаптарына өтүүсүн аныктаган босоголук маанисинен төмөн ЭМЕС экендигин көрүү үчүн тестирлөөнүн (Жобонун 42-п.).<br>– Паспорттун же мугалимди күбөлөндүргөн документтердин көчүрмөсү. |

| | |
|---|---|
| | – Билими жөнүндө документтердин, эмгек китепчесинин, квалификацияны жогорулатуу, кесиптик даярдык, илимий даража жана илимий наам алуу тууралуу документтердинкөчүрмөсү.<br>– Мугалимдин портфолиосу. |
| **8** | Порфолиону анализдөөдө, мугалимдин сабагына байкоо жүргүзүүдө, интервью-маектешүү өткөрүүдө Баа берүүнүн инструменттерин (ушул Колдонмонун “Баа берүү инструменттери” бөлүмүн караңыз) кантип пайданууну жана баллдарды саноону кантип үйрөнүүнү таанышып билүү.<br><br>Аттестациялоодо квалификациялык категория берүүдө негиз болуп, портфолионун экспертизасынын жыйынтыктары, сабакка байкоо жүргүзүү, интервью-маектешүү саналаарын билүү маанилүү (Жобонун 50-п.). |
| **9** | Баллдарды санап жана мугалимдин квалификациялык деңгээлин баалоонун эксперттик баракчасын толтуруп, аттестациялык комиссия жыйынтыктарды чыгарат (Жобонун 50-, 52-, 60-пункттары) |
| **10** | Аттестациялык комиссия ачык добуш берүү менен төмөндө берилген чечимдердин бирин кабыл алат (53-,54-пункттар):<br>– Тийиштүү квалификациялык категорияны берүү.<br>– Тийиштүү квалификациялык категория берүүдөн баш тартуу |
| **11** | Аттестациялык комиссия аттестацияланууучуга сунуштарды берет (54-п.) |
| **12** | Аттестациялык комиссия добуш берүүнүн жыыйынтыктарын чыгаргандан кийин жыйында отурган түздөн-түз мугалимдин өзүнө аттестациянын жыйынтыктарын билдирет (55-, 56-, 57-п.п.). |
| **13** | Аттестациялык комиссия аттестациялык баракчада бекитилген Формага ылайык Аттестациялык комиссиянын чечимдерин белгилейт (Аттестацияны өткөрүү тартиби тууралуу жобого 4-тиркеме). |
| **14** | Аттестациялык комиссиясы аттестациялык комиссиянын жыйналыштарынын протоколдорун, аттестациянын материалдарын, аттестациялык баракчаларын, мүноздөмөлөрдү жана аттестацияда көрсөтүлгөн документтерди өткөрүп берет, андан ары алар жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинде сакталат. |

# Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ишинин тартиби жана эрежелери

**Жалпы эрежелер**

1. Аттестация – педагог үчүн стресс жараяны, ошол үчүн жагымдуу мамилени талап кылат. Дал ушундай мамиленин болушун шарттаңыз.
2. Ишеним жараткан, жагымдуу абал түзүүгө аракет кылыңыз. Аттенстациялоодон өтүп жаткан педагог менен сүйлөшүүдө ишенимдүү үн менен сүйлөңүз.
3. Суроолорду так бергиле.
4. Аттестацияланучу түшүнбөй калган учурда суроону тактап кайталаңыз.
5. Бардык учурда педагогго мүмкүнчүлүк берүү зарыл.
6. Комиссиянын ичинде айрым маселелер боюнча байкоонун жыйынтыгын талкуулап, бир бүтүн ойго келишүүгө аракет кылыңыз.
7. Аттестациялоонун жыйынтыгы аттестациялоодон өткөн педагогго гана берилет, башка педагогдорго жана бөлөк адамдарга жайылтууга тыюу салынат.

**Сүйлөшүү маданияты**

Кеп маданиятын унутпаңыз. Көңүл буруу, угуу, алгачкы көңүл бурууну кармануу техникасын иштеп чыгыңыз. Ишкер сүйлөшүү этикети аттестациялык комиссиянын кесипкөйлүгүнүн негизги шарты. Аттестациялоодон өтүп жаткан педагог менен сүйлөшүү учурунда алар өз сөздөрү менен кыймылын көзөмөлдөп, терс мамиле, стресстик кырдаал болтурбоого аракет кылып, аттестациялоонун натыйжалуулугун арттыруулары керек.

Аттестацияланып жаткан педагогду угуп жатып:

- Эч нерсе сүйлөбөөгө, укканга комментарий бербөөгө аракет кылыңыз;
- Педагогду толук түшүнгөнүңүзгө аракеттениңиз, тактап сураңыз: “Сиз бир нерсе дейин дедиңизби…”, “Сизди туура түшүндүмбү, сиз …”
- Педагогдон ката издебей, аны түшүнүүгө аракет кылыңыз;
- Кунт коюп угуп, маектин темасын жоготпоого аракеттениңиз . Алаксыбаңыз, аттестацияланучунун кеби тууралуу гана ойлоңуз;
- Чыдамкайлуулукту көрсөтүңүз. Маектешиңиздин сөзүн бөлбөңүз, саатты карап, чыдамкайсыздык жандоолорун жасабаңыз, кагаздарга үңүлбөңүз, б.а. маектешиңизге көңүл кош мамиле жасабаңыз.
- Эскертүү бергенде аттестациялоодон өтүп жаткан педагогикалык кызматкердин өзү тууралуу эмес, анын ишинин өзгөчөлүктөрүнө токтолуңуз, жыйынтыгы жөнүндө эмес, конкреттүү фактылар, байкоолоруңуз тууралуу айтыңыз;
- Баяндоо формасында билдириңиз.

**Комиссиянын ишинин негизи**

Төмөндө 3-Сүр. аттестациялык комиссиянын ишинин башкы принциптери көрсөтүлгөн: жоопкерчилик, көз карандысыздык, объективдүүлүк жана купуялуулук. Бул принциптер менен эрежелердин айкалышуусу аттестациялоонун жогорку деңгээлде өтүүсүн камсыздайт.

**3-Сүр.: Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн сапаттуу ишинин принциптери**



# БАА БЕРҮҮНҮН ИНСТРУМЕНТТЕРИ

Аттестацияга даярдануу этапында Сиз талаптана турган квалификациялык категорияны прогноздоого өзүнө-өзү баа берүү баракчасын толтурасыз. Бирок тигил же бул категорияга ылайык келүү даражасы төмөндөгү баа берүүнүн инструменттерин пайдалануу менен аттестациялык комиссиясы тарабынан аныкталат: мугалимдин портфолиосу, сабакка байкоо жүргүзүү, аттестация учурундагы интервью-маектешүү. По результатам интервью-маектешүүнүн, сабакка байкоо жүргүзүүнүн жана портфолионун обзорунун жыйынтыктары боюнча Сизге критерийлерге ылайык баллдар берилет, алат суммаланат жана квалификациялык категориялардын деңгээлдерине болгон талаптар менен салыштырылат. Аттестациялык комиссиянын жыйынтык протоколунда ар бир баа берүү инструменти боюнча баллдар, тигил же бул категорияга ылайык келүү боюнча жыйынтык баллдар жана чечим чагылдырылат. Эгер жыйынтык баллы экинчи категориянын минималдуу баллынан аз болсо, категория берилбейт.

## 1. ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ БАА БЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүнүн **өзүнө-өзү баа берүү баракчасы** (X-Тиркемени караңыз) сиз талаптана турган квалификациялык категорияны алдын ала аныктоого, кесиптиу өсүүдөгү муктаждыктарды жана аттестацияга даярданууда багыттарды аныктоого керек. Өзүнө-өзү баа берүү бааркчасы аттестациялык комиссия менен бааланбайт, бирок Сиздин портфолиоңуздун бөлүгү болуп саналат:

- кесиптик билимди жана тажрыйбаны чыныгы баалоонун негизинде ар бир аттестацияланууучу менен **өз алдынча толтурулат**;
- квалификациялык категорияны **прогноздоодо** мугалим үчүн **максаттуу багыт** болуп саналат;
- өзүнө-өзү баа берүүнүн жыйынтыктары (квалификациялык категорияга проекцияда баллдар менен) **аттестация өтүүгө аттестацияланууучунун жеке арызын жазууда талаптанган квалификациялык категорияны көрсөтүүгө негиз боло алат;**
- педагогго аттестациялык талаптарды **жакшы түшүнүүгө** жана берилген компетенцияларга ээ экендигин көрсөтүү жана далилдөө максатында аттестацияга даярданууга мүмкүндүк берет;
- **конкреттүү кесиптик ишмердүүлүктө** компетенциялардын калыптангандыгынын деңгээлин аныктоого жана **кийинки кесиптик өсүшкө багыттарды** негиздүү аныктоого мүмкүндүк берет;
- мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармактарына ылайык "Кесиптик өсүү планын" **иштеп чыгууга** көмөктөшөт.

**Өзүнө-өзү баа берүү баракчасын толтуруунун нускамасы.**

Өзүнө-өзү баа берүү баракчасын толтурууда 41 ырастоолордун ар бири боюнча бир гана жоопту белгилөө (1-ден 5 баллга чейин) жана төрт кесиптик тармак боюнча алынган баллдардын санын саноо зарыл. Өзүнө-өзү баа берүү баракчасынын жыйынтыктары боюнча баллдардын жыйынтык санын саноо өз алдынча жана жекече педагог менен жүргүзүлөт.

**Квалификациялык категориянын деңгээлин аныктоонун мисалы**

*Мисалы*, педагог суммада 154 балл топтоду. Топтолгон баллдардын санын ырастоолордун жалпы санына бөлүү керек, б.а. 41-ге. Эффективдүүлүк көрсөткүчү 3,76 баллга барабар. 2-Таблицага ылайык *(төмөндө берилген),* өзүнө-өзү баа берүү баракчасынын жыйынтыктары 1-квалификациялык категорияга ылайык келет, ушуга байланыштуу Сиз аттестациялоода биринчи категорияга талаптана аласыз.

**2-Таблица. – Эффективдүүлүктүн интегралдык көрсөткүчтөрүнүн эсептик маанисинин шкаласы**

| Интегралдык көсөткүчтүн эсептик маанисинин интервалдары | Эффективдүүлүктү сапаттуу баалоо |
|---|---|
| **4,7≤ к ≤ 5,0** | Жогорку эффективдүүлүк (Жогорку категория) |
| **3,7≤ к ≤ 4,6** | Орточо эффективдүүлү (1 категория) |
| **2,7≤ к ≤ 3,6** | Канагаттандыраарлык эффективдүүлү (2 категория) |
| **2,0≤ к ≤ 2,6** | Төмөн эффективдүүлү |

Өзүнө-өзү баа берүү баракчасынын жыйынтыктары сиз талап кылына турган категорияны аныктоого гана эмес, ошондой эле сиздин кесиптик өсүүнүн максаттарын аныктоо үчүн дагы керек. Төрт кесиптик тармак көрсөтүлгөн 5-таблицадан Сиз талаптарына ылайык келген тармакты жана эмненин үстүнөн дагы иштөө талап кылынаарын аныктай аласыз. Мисалы, эгер сиз биринчи категорияга талаптана турган болсоңуз жана “активдүү окутуу усулдарын билүү” боюнча, 3-таблицада көрсөтүлгөнгө ылайык минимум 3,7 талап кылынгандын ордуна 3,63 барабар көрсөткүч топтосоңуз, Сизге ошол багытта иштөө жана Сиздин кесиптик өсүү планда ошол багытта ишти пландаштыруу зарыл.

**3-Таблица. – Эффективдүүлүктүн көрсөткүчтөрүн (кесиптик тармактар боюнча) талаптар менен салыштыруунун мисалы**

| Кесиптик тармактар | **Эффективдүүлуктүн алынган көрсөткүчү** | **Биринчи категорияга болгон талаптар** |
|---|---|---|
| 1. күтүлгөн жыйынтыктарды пландоо жана баалоо | **4** | **3,7≤ к ≤ 4,6** |
| 2. Активдүү окутуу/окуу усулдарын билүү | **3,63** | **3,7≤ к ≤ 4,6** |
| 3. Мотивдештирген билим берүү чөйрөсүн түзүү | **3,7** | **3,7≤ к ≤ 4,6** |
| 4. Кесиптик деңгээлди жогорулатуу жана коомчулуктун өкүлдөрү менен кызматташуу | **3,7** | **3,7≤ к ≤ 4,6** |
| Эффективдүүлүктүн жалпы көрсөткүчү | **3,76** | |

## 2. МУГАЛИМДИН ПОРТФОЛИОСУ

**Портфолио** – педагогдун кесиптик деңгээлин көрсөткөн жыйнак, документтердин комплектиси. Педагогду аттестациялоодо педагогдун кесиптик чеберчилигинин денгээли белгилүү бир категорияга ылайык келүүсүн тастыктоо үчүн портфолио пайдаланылат. Портфолионун мазмуну педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүнүн компетенцияларына жана индикаторлоруна ылайык тутумдаштырылган.

Портфолионун баасы педагог менен берилген ар бир кесиптик компетенция боюнча жеке компетенциясынын тастыктоолорунун обзоруна негизделет. Тастыктоо катары басылган жана видео форматтагы документтер (сабактардын плакат-конспектилери, усулдук иштеп чыгуулар, сертификаттар, программалар, отчеттор, видео-сабактар, фотосүрөттөр, көрсөтмө материалдар ж.б.) болушу мүмкүн.

Квалификациялык категорияларга болгон талаптарга ылайык ар бир компетенцияны же индикаторду көрсөтүү үчүн портфолиого эмнени киргизип, кошосуз Сиз өзүңүз чечесиз. Портфолио аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан баа алуу үчүн гана эмес, өзүнө-өзү баа берүү интсрументи катары дагы чогултулат. Сиз портфолиого топтолгон иштерди бир жыл ичинде кайра карап, аларды талдай, башкалар менен

талкуулай, сиздин компетенцияңыздын деңгээлинин эң мыкты далилдерин тандай аласыз.

Сиз портфолиого болгон талаптарды жана аны баалоо критерийлерин билишиңиз керек (**VI-Тиркемени** караңыз), антпесе сиздин портфолиоңуз баалоо параметрлерине ылайык келбейт. Ушуга негизделип, компетенттүүлүктү тастыктоо максатында портфолиого **V-Тиркемеде** көрсөтүлгөн тизмедеги документтерди салып койсоңуз болот. Ушул документтердин тизмеси мисал катары келтирилген, б.а. портфолиодо тизме боюнча бардык документтердин болушу милдеттүү түрдө эмес. Негизгиси, бул берилип жаткан документтердин саны эмес, алардын сапаты маанилүү болуп эсептелет. Мисалы, бардыгына бирдей болгону менен, эгер ал талап кылынган параметрлердин бирин чагылдырбаса же мугалимдин жеке салымын көрсөтпөсө, календардык-тематикалык планды портфолиого киргизүү милдеттүү эмес. Же эгер бир эле документ талап кылынган параметрлерди чагылдырса, аны бир нече жолу ар кайсы бөлүмдөргө киргизүүнүн кажети жок, б.а. бир жолу берилгени жетиштүү болот. Башка жагынан алып караганда, мугалим тигил же бул тармакта анын кесиптик компетенциясын тастыктаган башка документтерди портфолиого кошууга укуктуу.

**Баллдарды саноо.**Тастыктаган документтердин бар болуусу жана педагогдун тогуз компетенциясына ылайык келүүсү биринчи категория үчүн эки баллга, экинчи категория үчүн – үч баллга бааланат. Бир эле компетенция боюнча ар кандай деңгээлдердин (категориялардын) негиздер бар болсо, саноодо эң жогорку деңгээл эске алынат.Мисалы, эгер портфолиодо биринчи дагы, жогорку дагы категория боюнча далилдер бар болсо, жыйынтык таблицасына 3 балл киргизилет, б.а. жогорку категорияга ылайык келүү баллы киргизилет. Ошентип, ар бир компетенция боюнча бир гана көрсөткүч эске алынат.

Педагогдун портфолиосун баалоонун жыйынтыктары боюнча максималдуу мүмкүн болгон баллдардын саны – 27 балл. Педагогдун портфолиосун баалоонун жыйынтыктары боюнча минималдуу балл - 9 балл.

**Жогорку категория**: 23 -27 баллов

**Биринчи категория**: 16 – 22 балла

**Экинчи категория:** 9-15 балл

## 3. <u>САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ</u>

**Сабакка байкоо жүргүзүүнүн максаты** болуп сабакты комплекстүү баалоо эсептелет. (**VII-Тиркемени** караңыз). Сабакка байкоо педагогдун чеберчилигинин деңгээлин көрүү максатында жүргүзүлөт. Сабакка байко

жүргүзүүнүн жыйынтыктары сиз менен бирге талкууланат, аны менен бирге сабактагы ишмердүүлүгүңүздү жакшыртуунун себептери жана жолдору көрсөтүлөт. Сиздин сабак төмөндө берилген **4-Таблицада** көрсөтүлгөн, квалификациялык категорияларга болгон талаптарга ылайык иштелип чыккан параметрлер боюнча бааланат.

**4-Таблица. – Сабакты баалоо параметрлери.**

| | **Байкоо жүргүзүү параметрлери** |
|---|---|
| 1. | Сабактын максатын коюу |
| 2. | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо |
| 3. | Баа берүүнүн критериалдуулугу |
| 4. | Кайра байланыштын болушу жана сапаты |
| 5. | Сабактын натыйжалуулугу (максаттарга жетүү) |
| 6. | Педагогдун ар түрдүү маалымат булактарын пайдаланышы |
| 7. | Активдүү окутуунун ар түрдүү усулдарын жана ыкмаларын пайдалануу |
| 8. | Окутууда дифференциацияланган ыкманы пайдалануу |
| 9. | Компетенттүүлүктү түзгөн технологияларды пайдалануу |
| 10. | ИКТ пайдалануу жана маалыматтык компетенттүүлүктү түзүү |
| 11. | Бардык окуучуларга жагыидуу жагдай түзүү |
| 12. | Тең мүмкүндүктөр чөйрөсүн түзүү, окуучулардын жеке керектөөлөрүн эсептөө |
| 13. | Окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө чөйрө түзүү |

Педагогдун сабагы жана ишмердүүлүгү 0-дон 3 баллга чейин бааланат. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча максималдуу мүмкүн болгон баллдардын саны – 39 балл. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча минималдуу өтүү баллы - 13 балл.

Үч категорияга болгон талаптар төмөндөгүдөй:

**Жогорку категория**: 31-39 балл
**Биринчи категория**: 22- 30 балл
**Экинчи категория**: 13-21 балл

## 4. <u>ИНТЕРВЬЮ-МАЕКТЕШҮҮ</u>

**Интервью-маектешүү**педагогдун портфолиосунда берилген сабактын конспектисинин планынын мисалында жана сиздин өткөргөн сабактын мисалында педагогикалык ишмердүүлүгүңүзгө баа берүү үчүн жүргүзүлөт. Интервью-маектешүү квалификациялык категория деңгээлине ылайык келүүсүн аныктоо жана өз алдынча анализге жана өзүнө-өзү баа берүүгө жөндөмүңүздү стимулдаштыруу максатында дагы жүргүзүлөт. Ушул

маектешүүдө сиздин сабакка тиешелүү жети суроого жооп берүү сунушталат. Берилген суроолор квалификациялык категория деңгээлдерине болгон талаптардын негизинде иштелип чыккан (**VIII-Тиркемени** караңыз) жана аттестациялык комиссиясы менен 0дон 3 баллга чейин бааланат:

**5-Таблица. - Интервью-маектешүүнүн суроолору.**

| |
|---|
| 1. Сиз сабактын максатын кантип коесуз? Эмне үчүн? |
| 2. Сабакка даярданууда кайсы маалымат булактарын пайдаландыңыз? Тандооңузду түшүндүрүңүз. |
| 3. Билим берүү чөйрөсүн мотивациялоочу кылуу үчүн эмне кылдыңыз? |
| 4. Сабакта окутуунун кандай формалары жана усулдары пландаштырылган? Эмне үчүн? Эмнеден улам бул же тигил усулдарды жана ыкмаларды пайдаландыңыз? |
| 5. Окуучулардын ишин кандай баалайсыз? |
| 6. Окуучуларды баалоонун жыйынтыктарын кандай пайдаланасыз? |
| 7. Кесиптик өсүүңүздү кандай пландаштырдыңыз? Кесиптик өсүү максаттарды коюуда эмнеге таянасыз? (Сиздин Өзүн-өзү баалоо баракдагы жыйынтыктарга ылайык жообуңузду негиздеңиз) |

Интервью-маектешүүнүн жыйынтыктары боюнча максималдуу мүмкүн болгон баллдардын саны – 21 балл.

Интервью-маектешүүнүн жыйынтыктары боюнча минималдуу өтүү баллы – 7 балл.

Ар кандай категорияларга болгон талаптар төмөнкүдөй:

**Жогорку категориядагы педагог:** 19-21 балл
**Биринчи категориядагы педагог:** 14-18 балл
**Экинчи категориядагы педагог:** 7-13 балл

# ДАСЫКТЫК КАТЕГОРИЯНЫН ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО

Сиздин квалификацияңыздын деңгээлин аныктоо үчүн интервью-маектешүүнүн, портфолиону баалоонун жана сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары пайдаланылат. Ал үчүн аттестациялык комиссия ар бир баалоо инструменти боюнча алынган баллдардын жалпы суммасын санайт:

1. Портфолиону баалоонун жыйынтыктары боюнча минималдуу балл 9, ал эми максималдуу 27 баллды түзөт.
2. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча минималдуу балл 13, ал эми максималдуу 39 баллды түзөт.
3. Интервью-маектешүүнүн жыйынтыктары боюнча минималдуу балл 7, ал эми максималдуу 21 баллды түзөт.

Ар бир инструмент жана ар бир квалификациялык категория үчүн жыйынтык баллдар боюнча интервалдар төмөндө берилген **6-Таблицада** көрсөтүлгөн .

**6-Таблица. – Квалификацияны аныктоо үчүн баллдарды саноо**

| Педагогдун категориялары | Портфолиону баалоо | Сабакка байкоо жүргүзүү | Интервью-маектешүү | **Жалпы баллдардын маанисинин интервалдары** |
|---|---|---|---|---|
| **Экинчи категория** | 9-15 | 13-21 | 7-13 | **29 ≤ к ≤ 50** |
| **Биринчи категория** | 16-22 | 22-30 | 14-18 | **51≤ к ≤ 72** |
| **Жогорку категория** | 23-27 | 31-39 | 19-21 | **73 ≤ к ≤ 87** |

Эгер сиздин жалпы баллыңыз 29дан 50гө чейинки баллдар аралыгында болсо, анда сизге экинчи категория берилет. Жалпы баллдар интервалы 51 жана 72 арасында болсо, сиздин балл биринчи категория деңгээлине ылайык келет. Жогорку категория деңгээлин 73төн 87ге чейинки баллдар түзөт.

**7-Таблица. – Жыйынтык баллдарды саноонун мисалы**

| Баа берүүнүн инструменттери | Балл |
|---|---|
| Портфолиону баалоо | 27 |
| Сабакка байкоо жүргүзүү | 21 |
| Интервью-маектешүү | 19 |
| **Жыйынтык балл** | **67** |

Мисалы, жогорку категорияга талаптанган педагог 67 балл алса, бул ал категорияны алууга жетишсиз, ошондуктан педагог биринчи категорияга гана талаптана алат. Бирок сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча 21 балл жогорку категорияга эмес, экинчи категорияна ылайык келет. Ошондуктан педагогго бул багытта иштөө жана кесиптик ишмердүүлүктүн кайсы аспектиси үстүндө иштеп чыгуу зарыл экендигин түшүнүү керек. Педагог аттестациялык комиссиядан кийинки кесиптик өсүш үчүн комментарийлерди жана сунуштарды алат.

**Сизге аттестацияны өтүүгө ийгилик каалайбыз!**

# Куралдарды пайдалануу боюнча нускама

**ПЕДАГОГДУН ПОРТФОЛИОСУН БААЛОО ФОРМАСЫ**

Потфолиого баа берүүдө сунушталган чен-өлчөмдүн ырастамасына дал келүү эске алынып, бааланат. Педагог сабактын план-конспектисин сунуштаган учурда ал бир нече чен-өлчөмгө бааланышы мүмкүн. Педагогго анын портфолиосун баалоонун негизинде сунуштар акыркы тилкеде параллелдүү берилиши мүмкүн төмөндөгү **8-Таблицанын** мисалында. Педагогдун тогуз компетенциясына тастыкталган документтердин ылайыктуулугу жана бар болушу биринчи категория үчүн 2 упай, экинчи категория үчүн – 1 упай, үчүнчү үчүн – 3 упайга бааланат. Бир эле компетенция боюнча ар түрдүү деңгээлдеги (категориялардагы) тастыктоонун бар болушун санаган учурда эң бийик деңгээл эске алынат. Мисалы, эгер портфолиодо биринчи дагы, жогорку дагы категориядагы далилдер бар болсо, анда жыйынтыктоочу таблицага 3 упай жазылат, б.а. жогорку категориянын көрсөткүчүнө дал келүүсү. Мына ошентип, ар бир компетенция боюнча бир гана көрсөткүч эске алынат. Жыйынтыктар төмөнкү таблицага киргизилет.

ФАА ____Бекмурзаев А.И.________________________________________
Билим берүү мекемеси __ № 395 Каракол ш._________________
Окуткан предмети ____математика ___________________________
_________________25 октябрь 2015-ж.________________________

**8 - таблица: Педагогдун портфолиосуна баа берүү формасын толтуруу**

| Кесиптик ишмердүүлүк тармагы | Компетенциялар | категория | Тастыктоо /чен-өлчөмдөр | Шайкеш келүүсү(Х) | Педагог үчүн сунуштар |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Күтүлүүчү натыйжаны пландаштыруу жана баалоо** | 1.1.Педагог окутуунун жараянын жана жыйынтыгын Мамлекеттик билим берүү стандартына, предметтик стандарттарга, окуу программасына ылайык жана бардык | 2 | Пландар – сабактардын конспектиси, календардык пландар, тарбиялык жана усулдук иштин планы ж.б. пландар өзөктүү жана предметтик компетенцияларды калыптандырууга багыттуулугун ошондой эле сабактын, теманын, **окуучулардын, жалпы класстын** окутуудагы муктаждыктарын жана курактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуунун жана тарбиялоонун программасынын деңгээлинде баалуулуктарды жана мамилелерди көрсөтөт. Сабактардын план-конспектилери **предметтик стандарт** | Х | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | окуучулардын муктаждыктарын жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пландаштырат | | **жана окуу программасына ылайык** окуучулардын күтүлүүчү натыйжалары түрүндө демилгелүүчү жана жетишүүчү, ченелүүчү максаттарды камтыйт. | | |
| | | 1 | Пландар – сабактардынконспектиси, календардыкпландар, тарбиялыкжанаусулдукиштинпланыж.б. пландарөзөктүүжанапредметтиккомпетенциялардыкалыптандыруугабагыттуулугуношондойэлесабактын, теманын, **окуучулардын, жалпыкласстын**окутуудагымуктаждыктарынжанакурактыкөзгөчөлүгүнэскеалуумененокутуунунжанатарбиялоонунпрограммасынындеңгээлиндебаалуулуктардыжанамамилелердикөрсөтөт. Сабактардынплан-конспектилери**предметтикстандартжанаокуупрограммасынаылайык**окуучулардынкүтүлүүчүнатыйжаларытүрүндөдемилгелүүчүжанажетишүүчү, ченелүүчүмаксаттардыкамтыйт. | | |
| | | Ж | Пландар – сабактардын конспектиси, календардык пландар, тарбиялык жана усулдук иштин планы ж.б. пландар өзөктүү жана предметтик компетенцияларды калыптандырууга багыттуулугун ошондой эле сабактын, теманын, **окуучулардын, жалпы класстын** окутуудагы муктаждыктарын жана курактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуунун жана тарбиялоонун программасынын деңгээлинде баалуулуктарды жана мамилелерди көрсөтөт. Сабактардын план-конспектилери **предметтик стандарт жана окуу программасына ылайык** окуучулардын күтүлүүчү натыйжалары түрүндө демилгелүүчү жана жетишүүчү, ченелүүчү максаттарды камтыйт. | Х | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1.2.Педагог баалоонун диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу түрлөрүн пайдалануу менен окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата окуучулардын жетишкендиктерин пландаштырат жана байкоо жүргүзөт | 2 | Окуу жылына же чейрекке арадагы жана жыйынтоочу баа берүүнүн пландары баалоонуучу жыйынтыктарды, өткөрүү мөөнөтүн, пайдаланган кээ бир усулдарды жана куралдарды көрсөтөт. | | |
| | | 1 | Окуучулардын бааланган арадагы же жыйынтыктоочу иштери (эссе, долбоорлор, презентациялар, текшерүү иштери, изилдөөлөрдүн отчеттору, эксперименталдык иштер ж.б.), чен-өлчөмдөрдүн негизинде мугалимдин кенен жазуу кайтарым байланышы, окуучулардын ишине баа берүү үчүн чен-өлчөмдөрдүн мисалдары. | X | |
| | | Ж | Педагогдун көзөмөлдөөчү – ченелүүчү материалдарынын иштелип чыгуусу, аларды арадагы жана жыйынтыктоочу баа берүүлөрдө пайдалануусу. | | |
| | 1.3. Педагог окуучуларды баалоонун жыйынтыгынын талдоосун милдеттерди коюу, окутуу /окуп – үйрөнүү жараянын жакшыртуу, окуучуларды демилгелөө үчүн пайдаланат | 2 | Предмет боюнча окуучулардын жыйынтыктарынын жалпы талдоосунун мисалы, ата-энелерге *(илгерилөө жөнүндө мисалдар, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарынын сандык жана сапаттык талдоосу)* окуучулардын илгерилөөсү жөнүндө жалпы кабарлоонун, презентациялардын мисалдары. | | |
| | | 1 | Предмет боюнча окуучулардын жыйынтыктарынын жалпы талдоосунун жазуу кайтарым байланыш жана окуучуга сунуштар менен мисалдары.<br>Ата-энелерге *(илгерилөө жөнүндө мисалдар, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарынын сандык жана сапаттык талдоосу)* окуучулардын илгерилөөсү жөнүндө жалпы кабарлоонун, презентациялардын мисалдары | X | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Ж | Окуучуларга милдеттерди коюу менен конкреттүү окуучуга аткарылган ишке кенен, сапаттуу , жазуу кайтарым байланыштын мисалдары.<br>Баалоонун жыйынтыктарын талдоонун негизинде окуучулардын жекече өнүгүү милдеттерин ата-энелер менен талкуулоосун тастыктаган документтер *(ата-энелер үчүн жазуу жекече маалымат же окуучулардын жекече илгерилөөсү жөнүндө отчеттор ж.б.).* | | |
| **2. Актив-дүү окутуу /окуп – үйрөнүү усулдарын билүү жана мазмунду тандоо жана конструк-циялоо** | 2.1 Педагог предметке окутуунун мазмуну жана концепциясын билүү жана түшүнүүнүн негизинде окутуу жараянын курат | 2 | Календардык – тематикалык пландар, сабактардын конспектилеринин пландары кабыл алынган стандарттар, программалар жана сунуш кылынган ОУК окутуу жараянына шайкештигин тастыктайт. | Х | |
| | | 1 | Календардык – тематикалык пландар, педагогдун сабактарынын конспектилеринин пландары педагог тарабынан **вариативдик** окуу-усулдук материалдарды пайдалануусун тастыктайт. | | |
| | | Ж. | Документтер *(КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу, иштеп чыгуу же апробациялоо жөнүндө ички мектептик буйруктар, отчеттор, иштеп чыккан, жарыялаганусулдук материалдар ж.б.)* окуу - усулдук материалдарды иштеп чыгууда, апробациялоодо катышканын, аларды пайдаланганын жана башка педагогдорду аларды пайдаланууга окутканын тастыктайт. | | |
| | 2.3. Педагог өзөктүү компетенцияларды калыптандырууга багытталган технологияларды пайдаланат. | 2 | Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын мисалдары, компетенттүүлүк мамилесин үйрөнүүгө багытталган семинарларда жана тернингдерде катышуу сертификаттары. | | |
| | | 1 | Окуучулардын портфолиосу, окуучулардын аткарган долбоордук иши же окуучулардын долбоорунун жыйынтыктары /жемиши жөнүндө отчеттору | Х | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Ж. | Документтер *(программалар, видеожазуулар, семинарлардын отчеттору, чыгармачыл – класстар, райондук усулдук секциянын жыйналышынын протоколдору, басып чыгаруулар, презентациялар, иштелип чыккан усулдук материалдар)* мектептин деңгээлинде дагы, ошондой эле башка мектептин мугалимдери үчүн дагы өзөктүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган педагогикалык технологияны киргизүү боюнча педагогдор үчүн семинарларды, тренингдерди ж.б. өткөргөнүн тастыктайт. Тастыктоо иретинде тренерлер үчүн тренерлер же компетенттүү окутуу технологиясы боюнча мугалимдердин сертификаттары болушу мүмкүн. | | |
| **3. Бардык окучу-лар үчүн шыктан-дырган билим берүү чөйрө-сүн түзүү (теңдик, адилет-түүлүк)** | 3.2. Педагог окуучуларды активдүү окутуу үчүн коомдук - экономикалык макамына, динине, эне тилине, маданиятына, этникалык тегине, жынысына карабастан бирдей мүмкүнчүлүк сунуштайт. | 2 | Окутуунун активдүү усулдарын пайдалануу менен сабактардын план – конспектилери | | |
| | | 1 | Документтер *(сабактардын план-конспектилери, сабактарга байкоо жүргүзүү формалары, семинарлардын программалары жана отчеттору, мектептик усулдук бирикменин жыйналышынын протоколдору, презентациялар, усулдук нускамалар ж.б.)* өз алдынчалуулуктун өнүгүүсү, мектепте инклюзивдик чөйрөнү түзүү, окутуу чөйрөсүн жакшыртуу боюнча педагогдун практикалык жана изилдөө ишин тастыктайт. | | |
| | | Ж. | Документтер *(программалар, видеожазуулар, семинарлардын, чыгармачыл - класстардын отчеттору, райондук усулдук секциялардын жыйналышынын протоколдору, басып чыгаруулар, презентациялар, иштелип чыккан усулдук материалдар ж.б.)* мектепте тең мүмкүнчүлүк чөйрөсүн түзүү жана өнүктүрүү суроолорунда педагогдун лидерлигин тастыктайт. | X | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **4. Кесиптик деңгээлди жана кызматташтыкты жогорулатуу** | 4.1. Педагог өзгөрүлгөн дүйнөнүн талаптарына, билим берүү системасынын жана мектептин муктаждыктарына, окуучулардын ар түрдүү муктаждыктарына, өзүнүн кесиптик муктаждыктарына жараша өзүнүн кесиптик өнүгүүсүнүн милдеттерин коет жана чечет. | 2 | Дасыктыгын жогорулатуу курстарын өткөндүгүн семинарларда, тренингдерде катышуусун тастыктаган сертификат(тар). | | |
| | | 1 | Педагогдун кесиптик өнүгүүсүнүн өздүк планы, документтер педагог тарабынан кесиптик өнүгүүсүн пландаштыруу үчүн өзүнө баа берүү жана өзүн өзү талдоо ар түрдүү куралдарын жана формаларын пайдаланганын тастыктайт. | X | |
| | | Ж | Педагог тарабынан даярдалган өлкөнүн билим берүү системасынын өнүгүү тенденцияларынын изилдөө же /жана мектептин муктаждыктарынын талдоосуна негизделген мектептин жамаатынын кесиптик өнүгүү стратегиясы же планы. | | |
| | 4.2. Педагог кесиптик өз ара аракеттенүү, кесиптештер менен кызматташуу, пикир алышуу ыкмаларын билет | 2 | Документтер (*кесиптик өнүгүү планы, усулдук иштин планы, отчеттор, МУБ жыйналыштары ж.б.)* мектептин коомдук, усулдук, изилдөө ишмердүүлүгүндө педагогдун активдүү катышканын тастыктайт. | | |
| | | 1 | Документтер *(программалар жана семинарлардын отчеттору, мектептик усулдук бирикменин жыйналыштары, презентациялар, усулдук нускамалар ж.б.)* мектептеги кесиптештерин окутуу боюнча педагогдун ишин тастыктайт. | X | |
| | | Ж | Документтер (*программлар, видеожазуулар, семинарлар, чыгармачыл – класстардын отчеттору, усулдук секциялардын жыйналышынын протоколдору, басып чыгаруулар, презентациялар, иштелип чыккан усулдук материалдар ж.б.) мектепте окуган коомчулукту түзүүдө педагогдун лидерлик ролун тастыктайт.* | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 4.3.Педагог педагогикалык маданияттын жана кесиптик адептин бийик деңгээлин көрсөтөт. | 2 | ПМүнөздөмөлөр, кесиптештеринин, ата-энелердин, окуучулардын ойлору, педагогдун педагогикалык маданияттын жана кесиптик адептин бийик деңгээлин тастыктайт. | | |
| | | 1 | Документтер (*презентациялар, семинарлардын программалары ж.б.)* жамаатта педагогикалык маданиятты өнүктүрүү боюнча педагогдун ишин тастыктайт. | X | |
| | | Ж | Документтер (*басып чыгаруулар, презентациялар ж.б.)* коомчулукта жана мектепте кесиптик адептин жана педагогикалык маданияттын өнүгүүсүндө педагогдун лидерлик ролун тастыктайт. | | |

**8-Таблицадагы** педагог үчүн упайларды саноонун мисалы көрсөтүлгөн, анда педагог портфолиого баа берүү боюнча 19 упай алды, «биринчи категорияга ылайык келет» баа берүүсүн алуу үчүн жеткиликтүү болуп эсептелинет.

| Кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы | Биринчи категория |
|---|---|
| 1. Билим берүү жыйынтыктарын пландаштыруу жана баалоо | 7 |
| 2. Активдүү окутуу /окуп –үйрөнүү усулдарына ээ жана мазмунду тандоо жана түзүү | 3 |
| 3. Шыктандырган (мотивацияланган) билим берүү чөйрөсүн түзүү | 3 |
| 4.Кесиптик деңгээлин жана кызматташтыкты жогорулатуу | 6 |
| Жалпы | **19** |

Ар кандай категорияларга болгон талаптар төмөнкүдөй: **Жогорку категориядагы педагог:**23-27 балл
**Биринчи категориядагы педагог:**16-22 балл; **Экинчи категориядагы педагог:**9-15 балл

**САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ФОРМАСЫ**

Педагог ______Бекмурзаев А.И. ________________________________________
Билим берүү мекемеси _____№395 Каракол ш.________________
Сабагы _______алгебра ________________________________________
Сабактын темасы_____Сызыктуу функция _________________________________
Классы___________10 _______________________________________________
____________28 октябрь 2015-ж.______________________________
Аттестациялык комиссиянынмүчөсү_____Акмырзаева Б.Д. _________________

Сабактын жүрүшүндө тиешелүү жерде ар бир упайга түшүндүрмөлөргө негизделүү менен, байкоо жүргүзгөн ишмердүүлүктү аныкталган деңгээлдерине шайкеш келгенин белгилеңиздер (нөлдөн үч упайга чейин)**(9-Таблица).** Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча упайлардын мүмкүн болгон максималдуу саны - 39 упай. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча минималдуу өтүү упай - 13 упай.

Комментарийлерди бериңиз. Сабак бүткөндөн кийин анын жыйынтыктарын педагог менен талкуулаңыз. Аттестациялык комиссиянын мүчөсү кайсы байкоо жүргүзгөн параметрлер (компетенциялардын) сабакта жакшы байкалганын, ал эми кайсылары байкалбай калганын көрсөтүшү керек. Ошондой эле сабакта педагогдун ишмердүүлүгүн жакшыртуунун жолдору жана мүмкүн болгон себептер талкууланышы мүмкүн.

**9-Таблица: Педагогдун сабагына байкоо жүргүзүү формасын толтуруу**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **I** | **Күтүлүүчү натыйжаны пландаштыруу жана баалоо** | | | | | |
| | **1.1.Күтүлүүчү натыйжаны пландаштыруу (максат коюу)** | | | | | |
| | | 0 упай | 1 упай | 2 упай | 3 упай | Эмненин үстүнөн иштөө керек?<br>Педагогго сунуштар |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Сабактын максатын коюу | (   ) Сабактын максаты жалпысынан айтылды, бирок окуучунун позициясынан эмес. | ( X   ) Сабактын башталышында педагог сабактын конкреттүү, ченелүүчү окуучунун позициясынан коюлган максатты айтты. | (   ) Сабактын башталышында педагог тарабынан окуучулар менен сабактын конкреттүү, ченелүүчү, окуучулардын позициясынан коюлган максаттары ошондой эле окуучунун жетишкендигинин көрсөткүчтөрү жана чен-өлчөмдөрү сунуш кылынды жана талкууланды. | (   ) Сабактын башталышында педагог окуучулар менен бирге сабактын конкреттүү, ченелүүчү, окуучулардын позициясынан коюлган максаттары ошондой эле окуучунун жетишкендигинин көрсөткүчтөрү жана чен-өлчөмдөрү кыска жана так жазылды (формулировкаланды) Сабактын айтылган максатына сабактын бардык баскычтарында байкоо жүргүзүлөт. | |
| | **1.2. Күтүлүүчү натыйжаны баалоо** | | | | | |
| 5. | Сабактын натыйжалуулугу | ( ) Сабак максатына жеткен жок, бардык пландаштырылган аракеттер пландаштырылган убакытта аткарылган жок. | ( ) Сабак өз убагында аяктады. Сабактын максаты жарым-жартылай ишке ашты. | ( ) Окуучулардын көпчүлүгү сабакта пландаштырылган натыйжаларга жетишкендигин көрсөтө алышты. Педагог окуучулар менен бирге сабактын максатынвн негизинде сабактын жыйынтыктарын жалпылады. Сабактын бардык баскычтары аткарылды, ар бир баскычтын милдети чечилди. Сабактын максаты толугу менен аткарылды. | ( ) Сабакта бардык окуучулар активдүү катышты, сабактын темасы боюнча өзүлөрүнүн билимдерин/ көндүмдөрүн көрсөтө алышты жана сабакта үйрөнгөндөрүн кайра айтып берүүгө жөндөмдүү болушту. Окуучулар сабактын жыйынтыгын чыгарышты, сабакта жетишилген тажрыйбанын рефлексиясын (ой жүгүртүүсүн) | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жүргүзүштү, максатка жетишүү жөнүндө жыйынтык чыгарышты, педагог жыйынтыктарды жалпылады, тема боюнча иштин кийинки баскычына милдеттерди койду. Сабактын максаты толугу менен аткарылды. | |
| **Күтүлүүчү натыйжаны пландаштыруу жана баалоо боюнча топтолгон упайлардын саны** | | | | | | |
| **II.** | **Мазмунду тандоо жана конструкциялоо жана активдүү окутуу/окуп - үйрөнүү усулдарына ээ болуу** | | | | | |
| | | 0 упай | 1 упай | 2 упай | 3 упай | |
| 6. | Педагог тарабынан ар түрдүү маалыматтын булактарын пайдаланышы | ( ) Пайдаланбайт. | ( ) Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган бир гана китепти пайдаланбайт. | ( ) Сабакта педагог өзү даярдаган кошумча маалымат булактарын(китеп, тексттер, энциклопедиялар, интернет - булактар ж.б.) пайдаланат. | ( ) Сабакта педагог өзү, ошондой эле окуучулардын өзүлөрү үйдө же сабакта даярдаган кошумча маалымат булактарын(китеп, тексттер, энциклопедиялар, интернет - булактар ж.б.) пайдаланат. Окуучулар арасында сабактын темасы боюнча көп түрдүү пикирлерге жана маалыматтарга алып келген ар түрдүү маалымат булактарын | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | падалануууга окуучуларды шыктандырат жана демилгелейт. | |
| 7. | Активдүү окутуунун ар түрдүү усулдарын жана ыкмаларын пайдалануусу. | ( ) Пайдаланбайт. | ( ) Сабакта өтө кыска убакта сабактын максатына дал келүүчү активдүү окутуунун айрым усулдарын жана ыкмаларын пайдаланат же сабактын максатына тиешелүү эмес усулдардын жана ыкмалардын топтомун пайданалат. | ( ) Сабактын белгилүү бир баскычында (мисалы жаңы теманы түшүндүрүүдө) окутуунун масатына жараша активдүү окутуунун усулдарын жана ыкмаларын пайдаланат. | ( ) Сабактагы окуучулардын максатына жараша активдүү окутуунун усулдарын жана ыкмаларын пайдаланат, аларды сабактын жүрүшүндө кайтарым байланыштын, байкоо жүргүзүүнүн жана окуучулардын жөндөмдүүлүгүнүн негизинде алмаштырат. Сабактын бардык баскычтарында активдүү усулдардын жана ыкмалардын өз ара байланышып, ирettүү, ойлонулуп пайдаланылышы көрүнөт, бул ар бир окуучунун сабакта толук тартылышына алып келет. | |
| 8. | Окутууда дифференцияланган багытты пайдалануусу. | ( ) Окутууда дифференциялоо багыттын пайдаланбайт. | ( ) Сабактын күтүлүүчү натыйжасынан улам окуучулар үчүн тапшырманын, | ( ) Окуучулардын ар түрдүү топтору үчүн алардын окутуудагы муктаждыктарын жана кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүн | ( ) Бардык окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, атайын муктаждыктарын эске алуу менен тапшырмалар, иштин | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | иштин формасын дифференциялайт | (өзгөчө билим берүү муктаждыктары менен окуучуларды камтуу менен) эске алуу менен иштин формасы, тапшырмалар иштелип чыккан. | формасы жана окутуунун стратегиясы дыкат иштелип чыккан, тандалган жана ыңгайлаштырылган. | |
| 9. | Компетенттүүлүктү калыптандыруучу технологияны пайдалануусу. | ( ) Пайдаланбайт, тапшырмалардын жана суроолордун түрлөрү кайра айтып берүүгө гана багытталган. | ( ) Негизинен үлгү боюнча чечилүүчү маселелерди пайдаланат, жемиштүү жана чыгармачыл маселелерди киргизет. | ( ) Окуучулардын көйгөйдү чечүү, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү үчүн педагогикалык технологияларды пайдаланат (көйгөйлүү кырдаалдарды чечүү: компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар, баа берүү, пландаштыруу боюнча практикалык маселелер). | ( ) Окуучулардын көйгөйдү чечүүнү өз алдынча издөөсүн өстүрүү үчүн педагогикалык технологияларды пайдаланат (долборлоо технологиясы, өзүнүн тапшырмасын жаратуу). Окуучулардын компетенеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн чыгармачыл деңгээлине багыт алат. Окуучулар, сабакта тапшырмаларды аткарууда педагогду азыраак катыштырышып көз карандысыздыкты көрсөтүшөт. | |
| 10 | МКТны пайдалануусу жана маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруусу | ( ) Пайдаланбайт. | ( ) МКТны сабакта презентация жана демонстрациялоо үчүн пайдаланат. | ( ) Сабакта МКТны пайдаланат жана сабакта, маалыматты издөө, талдоо жана презентациялоо көндүмүн | ( ) Окуучуларда ар кандай маалыматтар менен иштөө көндүмүн калыптандыруу менен, долбоорлоо, изилдөө жана эксперимент | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | калыптандыруу үчүн үй тапшырмаларын аткарууда МКТны пайдаланган окуучуларды демилгелейт. | иштерин өткөрүүдө, көзөмөл маселелерин чыгарууда (тестирлөөдө) ИМТны эркин пайдаланат. Окуучулар сабак учурунда МКТ менен иштөө көндүмдөрүн көрсөтүшөт. | |
| **Мазмунду тандоо жана конструкциялоо жана активдүү окутуу/окуп - үйрөнүү усулдарына ээ болууда топтогон упайлардын саны** | | | | | | |
| **III** | **Бардык окуучулар үчүн шыктандыруучу (мотивациялык) билим берүү чөйрөсүн түзүү** | | | | | |
| | | 0 упай | 1 упай | 2 упай | 3 упай | |
| 11. | Бардык окуучулар үчүн окутуунун жагымдуу чөйрөсүн түзүү | ( ) Педагогдун оюу басымдуулук кылат, окуучулар өз ойлорун билдирүүгө же суроо берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. | ( ) Окуучулардын пикирине сый мамиле кылат, окуучулар өз ойлорун айтып жана педагогго суроо бере алышат. | ( ) Окуучуларды өз ойлорун эркин айтууга түрткү кылат жана аларга далилидер (аргументтер) же көз карашын калынтандырууга жардам берет, окуучулар бири-бирине жана педагогго суроо беришип, жообун угушат. | ( ) Педагог жана окуучулар бири-биринин ойлоруна сыйлоону көрсөтүшөт, окуучулар өз ойлорун эркин жана далилидүү айтышат, бири-бирин угушат. Окуучулар алардын ойлору педагог тарабынан жогору бааланарына жана кабыл алынарына ишенишет. | |
| 12. | Бирдей мүмкүнчүлүк чөйрөсүн түзүүсү, окуучулардын жекече муктаждыктарын эске алуусу. | ( ) Сабакты окутуу жараяны бир тараптуу маалыматты педагогдон | ( ) Дээрлик бардык окуучулар, анын ичинде өзгөчө муктаждыгы бар окуучулар, | ( ) Сабакта окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнүн, кызматташуу жана өз ара жардам берүүнүн | ( ) Сабакта окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнүн, кызматташуу жана өз ара жардам берүүнүн ар | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | окуучуга жеткирүү тартибинде жүрөт. Педагог айрым окуучулар менен гана иштешет. | сабактагы окутуу жараянына фронталдык жана жекече иш формасы аркылуу тартылган. | ар түрдүү түрүн пайдаланат. Бардык окуучулар окутуу жараянына экиден же топтор менен иштөө аркылуу тартылган. Педагог топтордун ишин уюштурат, консультация жана багыт берет. | түрдүү түрү максаттуу пайдаланылат. Педагог өз ара аракеттенүүгө ресурс катары камтылган, окуучулар өзүлөрү топтордогу иш жараянын уюштурушат, активдүү угушат, башкалардын салымын баалашат жана жоопкерчилик жана ийгиликти тең бөлүшөт. | |
| 13. | Окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүү үчүн чөйрө түзүүсү. | ( ) Сабакта байкалбайт. | ( ) Айрым тапшырмаларды аткарууда окуучулардын өз алдынчалуулугун колдойт. | ( ) Топтордун презентацияларынын тапшырмаларын жана формаларын аткаруу жолдорун жана каражаттарын тандоого окуучуларга мүмкүнчүлүк берет. Сабактын белгилүү баскычтарында окуучуларга өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк берилет. | ( ) Топтордун же жекече презентацияларынын тапшырмаларын жана формаларын аткаруу жолдорун жана каражаттарын тандоого окуучуларга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар өз алдынча пландаштыруу, топтордо тапшырмаларды бөлүштүрүү жана аткаруу, маалыматты өз алдынча издөө көндүмдөрүн көрсөтүшөт. | |

| | | |
|---|---|---|
| Бардык окуучулар үчүн шыктандыруучу (мотивациялык) билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча топтолгон упайлардын саны | | |
| **УПАЙЛАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫ:** | | |

Аттестациялык комиссиясынын мүчөлөрүнүн комментарийлери:

1. Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы аспектилери ийгиликтүү/эффективдүү?____________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

2. Педагогдун ишмердүүлүгүндөгү кайсы аспектилерди өзгөртүү, жакшыртуу зарыл?_____________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

3. Кошумча комментарийлер, сунуштар____________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________________

4. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча максималдуу мүмкүн болгон баллдардын саны – 39 балл. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча минималдуу өтүү баллы - 13 балл.

**Жогорку категория:**31-39 балл
**Биринчи категория:** 22- 30 балл
**Экинчи категория:**13-21 балл

## VIII-Тиркеме - Маек-аңгемелешүүгө баа берүү баракчасы

**Маек -аңгемелешүүгө баа берүү баракчасы**

Фамилиясы, аты, атасынын аты ____________________________________________________________
Билим берүү уюму _____________________________________
Окуткан сабагы ___________________________________________
Мөөнөтү______________________________________________________________

Педагогдун жети суроого жооптору үч позиция боюнча 0 упайдан 3 упайга чейин бааланат. Маек-аңгемелешүүнүн жыйынтыгы боюнча эң бийик упай (максималдуу) - 21 упай. Ал эми маек - аңгемелешүүнүн эң төмөн (минималдуу) упайы - 7 упай.

Жогорку категория: 19-21 упай
Биринчи категория: 14- 18 упай
Экинчи категория: 7 – 13 упай

| Суроо | Жооп | 3 упай | 2 упай | 1 упай | 0 упай (Жогоруда аталган варианттардын эч бири) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. *Сиз сабактын максатын кандай коёсуз? Эмне үчүн?* | | ( ) **Окуучуларды сабактын максатын коюу тартуу маанилүү экендигин көрсөтөт** жана муну сабактын конспектисинде жана портфолиодо көрсөтөт. | ( ) **Окуучулар менен коюлган сабактын максатын талкуулоо** тууралуу айтып берет. | ( ) Окуучуларга сабактын максатын айтат. | ( ) |
| 2. *Сабакка даярданууда маалыматтын кайсы булагын пайдаландыңыз?* | | ( ) Портфолиодон же сабактын конспектисинен өздүк **окуу-усулдук материалдарды түзүү жана пайдалануу жөнүндө** | ( ) Сабакка даярданууда **вариативдүү** окуу-усулдук материалдарды | ( ) Сабакка даярданууда **сунуш кылынган** окуу-усулдук материалдарды | ( ) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *Тандооңузду түшүндүрүп бериңиз.* | | далилдерди алып чыгат | пайдалануунун мисалдарын келтирет. | пайдаланууну көрсөтөт. | |
| 3. *Билим берүүчүлүк чөйрө шыктандырган болуш үчүн сиз эмне кыласыз?* | | ( ) Өзүнүн портфолиосунан **жагымдуу чөйрөнү түзүүнүн далилдеринкөрсөтөт,** анда окуучулар оюн эркин билдирип, өздөрүнүн көз караштары менен бөлүшөт жана **башкалардын оюн сыйлоону көрсөтүшөт, ошондой эле окуучуларда кызматташуу жана өз ара жардамдашуу баалуулугунун, алардын өз алдынчалуулук көндүмдөрүнүн системалык өнүгүүсү жөнүндө айтат.** | ( ) Окуучуларды өз пикирин эркин билдирүүгө **түрткү берет** жана өз көз караштарын же дадилдерин келтирүүгө жардам берет. Сабактарда окуучулардын ар кандай өз ара аракеттенүүнүн, кызматташуунун жана өз ара жардам берүүнүн жолдорун иштеп чыгат жана **максаттуу** пайдаланат. **Окуучуларга** тапшырмаларды, аларды аткаруунун каражаттары менен ыкмаларын жана презентациялоонун формаларын **тандаганга мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.** | ( ) Окуучулардын экиден жана топтордо иштөөсүн уюштурат. Окуучулардын ойлорун сыйлоону көрсөткөн **далилдерди келтирет.** Айрым окуу тапшырмаларын аткарууда окуучулардын **өз алдынчалуулугун демилгелейт.** | ( ) |
| 4. *Сабакта Сиз тараптан окутуунун кандай* | | ( ) Педагог **бардык окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнө жана** | ( ) Жооп **окуучулардын** жөндөмдүүлүктөрүнө | ( ) **Айрым окуучулардын же окуучулардын** | ( ) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *формалары жана усулдары пландаштырылган? Эмне үчүн? Тигил же бул усулду жана ыкманы, пайдаланууда эмнеге таянасыз?* | | **муктаждыктарына ылайык келген билим берүүнүн ар түрдүү стратегияларын[2] санайт.**<br><br>**Жооп** окуучулардын өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайык диффренциялдык окутууну **системалык ишке ашырганын көрсөтөт.** | жана муктаждыктарына **ошондой эле ар түрдүү лингвистикалык, маданий жана коомдук - экономикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык** келген билим берүүнүн ар түрдүү стратегияларын пайдаланганына көрсөтөт.<br>**Портфолиосунан** окуучулардын өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайык окутууда диффренциялдык багытты көрсөтөт. | **топторун** алардын өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайык келген дифференциялдык окутуусу тууралуу айтып берет. | |
| 5. *Окуучулардын ишин Сиз кантип баалайсыз?* | | ( ) **Окуучулар менен биргелешип** иштеп чыккан баа берүүнүн чен-өлчөмдөрү (критерийлери) тууралуу айтып берет. **Окуучулардын баарын өзүн-өзү баалоо жана өз ара баа берүү жараянына тартканын** | ( ) Өзү **иштеп чыккан ишке баа берүүнүн чен-өлчөмдөрүн** жана аларды ишти аткарууга чейин окуучулар менен **талкуулоосун** көрсөтөт. | ( ) Окуучулардын айрым бөлүгү өзүнө өзү баа берүү жана өз ара баа берүү жараянына тартылышын айтат. Ошондой эле **окуучуларга баа** | ( ) |

[2] Кээ бир адабияттарда усулдар, ыкмалар стратегия деген с□з менен алмаштырылат.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | көрсөтөт. | | **берүүнүн чен-өлчөмдөрү** жөнүндө алдын-ала иш башталганга чейин кабарлайт. | |
| 6. *Сиз окуучуларды баалоонун жыйынтыктарын кантип пайдаланасыз?* | | ( ) **Ар бир окуучуга** кайтарым байланыш берерин, окутуунун жекече жыйынтыктарын кийинки жакшыртуу боюнча аны менен **маселелерди койгонун жана талкуулаганын** көрсөтөт. | ( ) Окуу жетишкендиктеринин ар кандай деңгээлдеги окуучулардын кээ бир топторуна кайтарым байланыш берерин жана ар бир топтун кийинки иш боюнча сунуштарды бергенин көрсөтөт. | ( ) **Айрым окуучуларга же жалпысынан класска** кайтарым байланыш бергенин көрсөтөт. | ( ) |
| 7. *Сиз кесиптик өнүгүүңүздү кантип пландаштырасыз? Өзүңүздүн кесиптик өнүгүү милдеттериңизди коюда эмнеге таянасыз? (Өзүн-өзү баалоо баракчасынын жыйынтыгындагы жоопторго жараша өзүңүздүн жоопторуңузду негиздеңиз).* | | ( ) **Өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн, мектептин жана окуучулардын ар тараптуу муктаждыктарына, кыйынчылыктарынанегиз кыларын** айтат. Портфолиосунда кесиптик өнүгүү милдеттерин пландаштырганын жана аларга **системалуу байкоо жүргүзгөнүн, жетишилген илгерилөөнү** көрсөтөт. | ( ) **Өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө жана окуучулардын муктаждыктарына өзүнө өзү баа берүүнүн жыйынтыктарына** негиз кыларын көрсөтөт. | ( ) Өзүнүн кесиптештеринин жана администрациянын комментарийлерине жана сунуштарына гана шилтеме жасайт. | ( ) |
| **Жалпы упай:** | | | | | |

**<u>IX-Тиркеме</u> – Колдонмо: Аттестациядан өтүүгө тийиш болгон жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин тестирлөөнүн биринчи этабы**

# КОЛДОНМО

## Аттестациядан өтүүгө тийиш болгон жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин тестирлөөнүн биринчи этабы.

### 1. Жалпы жобо

1. Аттестациянын биринчи этабы «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук тест жүргүзүү борбору» мекемеси тарабынан иштелип чыккан комплекстүү компьютердик тестирлөө жолу аркылуу өтөт.

2. Жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин тестирлөө жана аны уюштурууда билим берүү мекемелериндеги баштапкы, негизги, жалпы орто билим берүүдөгү окутуу программасын иштеп чыккан кызматтагы уюштуруучулар жана катышуучулар Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине жана Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына жана андагы “Мугалимдердин статусу” жобосундагы жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин тесттен өткөрүү эрежелерине жана аттестациянын шарттарына таянышат.

3. Бул колдонмо тестирлөөнү уюштуруучулардын негизги функцияларын жана иш-аракеттерин аныктайт:

- «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук тест жүргүзүү борбору» мекемесинин (мындан ары УТЖБ)
- Бишкек жана Ош шаарларынын билим берүү башкармалыктарынын, шаардык жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн (мындан ары БББ, ШБББ, РБББ);
- жалпы билим берүү мекемелеринин (мектеп).

4. Тестирлөөнү уюштуруу процесси төмөнкү этаптардан турат:

- жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин маалыматтар базасын түзүү (мындан ары МБ);
- тестирлөөгө даярдык көрүү;
- тестирлөө;
- тестирлөөнүн жыйынтыгын иштеп чыгуу;
- отчеттукту даярдоо.

5. Тестке аттестациялык комиссия бекиткен тизмедеги жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдери киргизилет. Билдирүүдө

тестирлөө өтүүчү жай, мөөнөтү жана убактысы көрсөтүлөт. Мугалимге тестирлөөнүн

башталуусуна 5 күн убакыт калганда айтылат. Тестке келген мугалимдин жанында өздүгүн тастыктаган документ болуусу зарыл.

6. Жалпы билим берүү мекемесинин мугалими тестирлөөдөн босого упайдан төмөн упай алган учурда аттестациянын экинчи этабына киргизилбейт.

Эгер, белгиленген мөөнөттө жүйөлүү себептер менен тесттен өтпөй калган, анын ичинде эки айдан көбүрөөк мөөнөткө эмгекке жарамдуулугу жок деп табылган мугалимдер боюнча аттестациялык комиссия алардын кийинки окуу жылында аттестациядан өтүүсү тууралуу чечим чыгарат.

7. Тестирлөө УТЖБнын администраторлору тарабынан өткөрүлөт. Администратордун жана ПК операторунун ишин аткаруу милдетине УТЖБ башка адистерди да тартат.

8. Тестирлөөдө төмөнкүдөй тесттер камтылган:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы мыйзам ченемдерин билүүгө;
- окутуунун усулдарын жана психология менен педагогиканын негиздерин билүүгө;
- предметин билүүгө.

9. Тестирлөө компьютердик жол аркылуу жүргүзүлөт.

10. Тестирлөөнүн айкындыгы анын стандарттык шарттары, мөөнөтү, жыйынтыгын иштеп чыгуусу жана тапшырмаларынын мазмуну менен камсыздалат.

11. Тестирлөө учурунда администратор тарабынан протокол толтурулат.

## 2. Тесттин мазмуну

12. Мугалимдерди тесттен өткөрүү 3 бөлүктөн турат:

**Биринчи бөлүк:** Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы мыйзам ченемдерин билүүгө – 10 суроо;

**Экинчи бөлүк**: окутуунун усулдарын жана психология менен педагогиканын негиздерин билүүгө - 15 суроо;

**Үчүнчү бөлүк:**предметтик тесттер - 25 суроо.

Тесттин жалпы убактысы – 120 мүнөт.

Тестирлөө УТЖБ тарабынан иштелип чыккан стандартташтырылган тест тапшырмалары аркылуу жүргүзүлөт.

**Стандартташтырылган тесттер** жабык формадагы тест тапшырмаларынан турат – бир гана туура жоопту тандоо тапшырмалары;

## 3. Тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү

13. Тест жүргүзүү жана аны уюштуруу иштери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, УТЖБ, БББ, ШБББ жана РБББ биргеликте ишке ашырылат.

14. КР ББжИМ УТЖБ менен биргеликте колдонмолорду жана башка нормативдик документтерди иштеп чыгышат.

15. УТЖБ:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы мыйзам ченемдери, методика менен психологиянын негиздери жана предметтикокуунун негиздери боюнча тест тапшырмаларынын базасын;
- компьютердик жол менен тестирлөөнү уюштуруп өткөрүү үчүн тесттин бөлүктөрү боюнча билим деңгээлин аныктоочу, маалыматтарды топтоочу, жыйынтыктарды анализдеп жана босогосун аныктоочу атайын программалык камсыздоону камсыздайт.

16. БББ, ШБББ жана РБББ УТЖБ менен биргеликте төмөнкүлөрдү аныктайт:

- тестирлөө жайын жана теске катышуучулардын тизмесин;
- компьютердик класстардын фондун;
- белгиленген мөөнөткө жараша тестирлөөнүн жүрүш тартибин;
- тестирлөөнүн даярдыгын.

17. Тестирлөөнүн жүрүшү:

- Мугалимдер компьютердик класска бирден киргизилет.
- БББнын, ШБББнүн жана РБББнүн жооптуу мүчөсүУТЖБ менен биргеликте мугалимдердин өздүгүн аныктаган документтерди текшеришет.
- БББнын, ШБББнүн жана РБББнүн жооптуу мүчөсүУТЖБ менен биргеликте мугалимдердин баштык, китеп, уюлдук телефон жана башка буюмдарынын атайын белгиленген жерде калышын жана мугалимдин компьютердик класстан орун алышын көзөмөлдөшөт.
- Тестирлөөнү баштоо мөөнөтү жарыялангандан баштап мугалимдерди компьютердик класска киргизүү токтотулат. Тест учурунда мугалим жүрүм-турум эрежелерин сактоосу зарыл.
- Мугалимдин аты-жөнү жана предмети аттестациялык комиссиянын тизмесинин негизинде аныкталат. Зарыл болгон учурда ПК оператору идентификациялоо формасын толтурууга жардам берет.
- Сыналуучу тестирлөөнү баштоого даярдыгын билдиргенден кийин ПК оператору программаны иштетет.
- Тест аяктагандан кийин компьютердин мониторунда тесттин жыйынтыгы көрсөтүлөт, андан соң администратор тарабынан протокол толтурулуп, ал эми сыналуучу тарабынан кол коюулат.

- Бошогон орунга кийинки катышуучу чакырылат.

## 4. Жалпы билим берүү мекемелеринин (мектеп) милдеттери

18. Тестирлөөгө катышуучу мугалимдердин тизмесин түзүү жана аны БББ, ШБББ жана РБББга өз учурунда өткөрүп берүү.
19. БББ, ШБББ жана РБББны керектүү документтер менен камсыз кылуу.
20. Тестирлөөгө 5 күн калганда жалпы билим берүү мекемелеринин жетекчилерин кабардар кылуу. Тесттен өтүүчү мугалим өздүгүн аныктаган документтерди жанында алып жүрүшү зарыл.
21. Жалпы билим берүү мекемесинин жетекчиси мугалимдердин тестке катышуусун камсыздоо.

## 5. БББ, ШБББ жана РБББ милдеттери

22. УТЖБны керектүү документтер менен камсыз кылуу;
23. Мугалимдердин тестирлөөгө катышуусу үчүн арыздарын кабыл алуу;
24. Тестирлөө өтүүчү жайлардагы компьютердик класстар менен жабдылган мектептер менен макулдашуу;
25. УТЖБ менен биргеликте тестирлөө убактысын аныктоо жана күн тартибин (белгиленген мөөнөткө ылайык) бекитүү;
26. Каттоодон өткөн мугалимдерди топторго бөлүштүрүү;
27. Мугалимдердин тестирлөөгө катышуусун камсыз кылуу;
28. Тестирлөө үчүн колдонулуучу компьютердик класстардын фонду менен камсыздоого жооптуу.

## 6. УТЖБнын милдеттери

29. Программалык камсыздоону кошуп, орнотуу жана уюштуруу;
30. Компьютердик фондунун техникаларынын иштешин, жергиликтүү тармактын (локальная сеть) болуусун жана программалык камсыздоону текшерүү;
31. Тестирлөөнүн жүрүшү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана уюштуруу;
32. «Сыналуучуну» АИО (автоматташтырылган иш орун - компьютерлер) программасынын иштөө эрежелери менен тааныштыруу;
33. Компьютердик класста жүрүм-турум эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө;
34. Шаардык, райондук билим берүү бөлүмдөрүнө жана шаардык башкармалыктарына жыйынтыгын берүүнү жана жеткирүүнү уюштуруу;
35. Тестирлөөнүн жыйынтыгынын негизинде статистикалык маалыматтарды чогултуу;

36. Тестирлөөнүн жүрүшү боюнча отчет даярдоо;
37. Тестирлөө аяктагандан кийин анын жыйынтыктарын жалпы билим берүү мекемелерине жана башкаруу органдарына берүү.

### 7. Компьютердик класстардын фондун пландаштыруу

38. БББ, ШБББ, РБББ жана УТЖБ менен биргеликте тестирлөөнү өткөрүүгө билим берүү мекемесин аныкташат.
39. БББ, ШБББ, РБББ жана УТЖБ менен биргеликте компьютердик класстардын топтомун аныкташат.
40. Тестирлөөнү өткөрүүгө билим берүү мекемесин тандоодо төмөнкү талаптарды эске алынат:
- Компьютердик класстардын бир имараттын ичинде болуусу зарыл (корпус);
- Класстардагы орундардын (компьютерлер) саны 12 ден кем эмес болуусу зарыл.

### 8. Тестирлөөнү техникалык жактан камсыздоо

41. Тестирлөө учурунда билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык колдоосуна талаптар:
- «Башкы компьютер» жана «Сыналуучу» үчүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен компьютерлер: Pentium-IV, HDD-20Гб, ОЗУ-512Мб, Windows XP, 7, 8, 8.1, 10. USB 2.0. ден төмөн эмес, мүнөтүнө15-беттен кем эмес басуучу лазердик принтер, чыгаруусу – 600 dpi. USB Flashe drive
- интернеттин ылдамдыгынын мүмкүнчүлүгү кеминде 128 Кбит/с.
- класстагы компьютерлер жергиликтүү тармак менен жабдылуусу зарыл.

### 9. Тестирлөө учурунда мугалимдердин жүрүм-турум эрежелери

42. Мугалимдер үчүн жалпы эрежелер
- Тестирлөө учурунда компьютердик класстан чыгууга тыюу салынат;
- Бир компьютерден башка компьютерге орун которууга, сүйлөшүүгө жана көчүрүүгө тыюу салынат;
- Шпаргалкаларды, маалымат китепчелерди, уюлдук жана байланыш каражаттарды киргизүүгө жана колдонууга тыюу салынат;

43. Бул эрежелерди бузган мугалим сыноодон четтетилет.
- Мугалим администратордун түшүндүрмөсүн кунт угуп жана тартипти сактоосу зарыл.

## 10. Тестирлөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана баалоо (шкаласын аныктоо)

44. Тестирлөөнүн жыйынтыктары дихотомиялык жол менен, башкача айтканда, туура жооп – 1 упай, ал эми туура эмес – 0 упай менен бааланат. Босого упай максималдуу упайдын 50% ын түзөт.
45. Топтолгон упайлар жөнүндө маалымат сыналуучуга, шаардык, райондук билим берүү органдарына жана аттестациялык комиссияга кандайдыр бир чечим чыгаруу үчүн берилет.
46. Тестирлөөнүн жыйынтыктарын берүү КР ББжИМ тарабынан бекитилген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат.
47. Тестирлөөнүн жыйынтыгы 3 нускада чыгарылып БББ, ШБББ жана РБББ берилет. Тестирлөөнүн жыйынтыктарына УТЖБнын өкүлү тарабынан кол коюлуп жана тестирлөө уюштурулган мекеменин мөөрү басылат.

## X-Тиркеме - Өзүн-өзү баалоо баракчасы

## Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүн өзүн өзү баалоо баракчасы

ФАА ________________________________________________________
Билим берүү уюму_______________________________________________
Окуткан предмети________________________________________

Төмөндө берилген ырастоолорду кунт коюп окуңуз. Ар бир ырастоолорго тиешелүү жоопту белгилөөнү суранабыз. Сиз ар бир ырастоо боюнча бир гана жооп тандай аласыз жана төрт кесиптик тармак боюнча упайлардын санын санашыңыз керек.

**I**

1. Ар бир окуучу менин предметимде сабактын максатын жана милдеттерин билет

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

2. Сабактын башкы жыйынтыгы – окуучулар тарабынан программалык материалды билиши

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

3. Мен сабакта окуучулардын бирин-бири баалоо жана өзүн-өзү баалоо ыкмаларын дайыма пайдаланам.

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

4. Сабактын максатын окуучулар үчүн жеке маанилүү кылууда мен дайыма кыйналам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

5. Окуучулардын ийгиликтерин алардын ата-энелерине (башка чоң адамдарга) көрсөтүүнү мен туура көрөм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

6. Менин окуучуларым сабакта баалоонун чен - өлчөмүсүз эле жакшы иштешет

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

7. Пландаштырууда мен окуучулардын окуу ишмердүүлүк көндүмүнүн жана өзөктүү компетенттүүлүгүнүн калыптанышына көп көңүл бурам.

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

8. Окутуу жараянында окуучулар үчүн кайтарым байланыштын маанилүүлүгүн мен жакшы түшүнөм жана аны дайыма уюштурам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

9. Окуучулардын ишинде биринчи кезекте мага алардын катасын таап, санап жана аларды окуучуларга көрсөтүү маанилүү

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

10. Окуучунун үйрөнгөнүн текшерүү иштин же экзамендин жыйынтыгынан гана көрүүгө болот

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

**II**

11. Сабакка даярданууда предмет боюнча кошумча материалдарды пайдаланам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

12. Сабактарымдымаалымат-байланыш технологиясыз эле өтөм, себеби аларды пайдалануу ашыкча деп эсептейм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

13. Мен дайыма өтүлүп жаткан теманын алкагында окуучуларга өз алдынча милдетти коюшуна жана чечүүсүнө мүмкүнчүлүк берем

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

14. Мен өзүмдүн сабактарымда активдүү окутуунун ар түрдүү усулдарын жана ыкмаларын толук пайдаланам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

15. Мен окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрү жөнүндө көп билишим керек

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

16. Окутуунун активдүү усулдары сабакка даярданууда менин көп убактымды алат, аларды пайдаланбай койсо деле болот

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

17. Өзгөчө муктаждыктарга ээ окуучулар атайын окуу жайларында окуганы жакшы

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

18. Сабак учурунда окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүн жана компетенттүүлүгүн кантип калыптандыруу керектигин билем жана ага көп көңүл бурам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

19. Өзүм ойлоп тапканга караганда окуу материалындарындагы көйгөйлүү кырдаалдарды пайдаланганды жакшы көрөм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

20. Сабакта окуучуларды маалыматты таап, аны менен заманбап дүйнөдө иштөөгө атайын окутуу – болбогон иш, алар өзүлөрү деле жакшы билишет

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

21. Мен дайыма бир удалаштыкта (параллелде) ар кандай деңгээлдеги окуучуларды камтуу үчүн сабактарды өткөрүүнүн ар түрдүү варианттарын даярдайм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

**III**

22. Параллель класстар болгон учурда, сабактын бир планы менен пайдаланган ыңгайлуу, бул убактты үнөмдөйт

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

23. Менин предметим жаккан окуучуларга көңүл бурам жана негизинен сабакта алар менен иш алып барам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

24. Мен сабакты окуучулар ой жүгүртүп, талкуулап, стандарттык эмес тапшырмаларды аткара алгандай уюштурам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

25. Топтордогу иш окуучулардын билим алуусу үчүн баалуу убакытты алат, ошондуктан аны пайдалануудан качам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

26. Менин окуучуларымдын көбүндө окууга каалоо жок жана муну менен эч нерсе кыла албайбыз

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

27. Ар бир класстын окуучуларынын басымдуу бөлүгүндө менин предметиме жөндөмдүүлүгү жок

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

28. Окутулуп жаткан теманын алкагында мен окуучуларга милдеттерди өз алдынча коюп жана чечүүгө дайыма мүмкүнчүлүк берем

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

29. Окуучулардын өз алдынчалуулугу сабактан тышкаркы иштерде жакшы, сабак учурунда ага убакыт жетпейт

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

30. Тапшырмаларды аткарууда дайыма окуучуларды топтордо иштөөсүн уюштурам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

31. Эгерде менин окуучуларым күчтүү болсо, менин сабактарым дагы мыкты болмок

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

**IV**

32. Дидактикалык, усулдук материалдар жана программаларды иштеп чыгуу боюнча кесиптештерим менен ишке катышуу чоң тажрыйбам бар

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

33. Мага өзүмдүн ишмердүүлүгүмө өзүм баа берүүм кыйын, кесиптештерим жана администрация объективдүү талдоо бергени жакшы

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

34. Кесиптештерим менен иштеп чыккан материалдарымды бөлүшөм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

35. Мен жалпы педагогикалык маселелерди аныктоого жана аларды башка кесиптештерим менен чечүүгө кызыгам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

36. Кесиптештерим менен тажрыйба бөлүшкөндө качам, ар бири өзү жыйынтыктарга жетишиши керек

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

37. Кесиптештерим менен педагогикалык адеп (этика) жана маданият суроолорун конструктивдүү талкуулоону маанилүү деп эсептейм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

38. Мектептеги ушундай жүктөм менен менин кесиптик өнүгүүм үчүн мүмкүнчүлүк аз

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

39. Мен өзүмдүн өз алдынча билим алуу планымды ирети менен атакарм

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

40. Мектепте тажрыйба алмашууну усулдук бирикменин жетекчиси же окуу иштери боюнча директордун орун басары уюштурушу керек

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

41. Мен педагогикалык ишмердүүлүгүмдүн натыйжалуулугун баалай алам

| Толук макулмун | Макулмун | Жооп бере албайм | Кошулбайм | Такыр кошулбайм |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |

**Упайларды саноо:** алган упайлардын жалпы санын санагыла жана аларды суроолордун жалпы санына б.а. 41 ге бөлгүлө. Сиздин көрсөткүчтү таблицадагы көрсөткүч менен салыштыргыла. Мына ошентип, сиз талапкер боло турган квалификациялык категорияны аныйктайсыңар.

**Таблица. Натыйжалуулуктун интегралдык көрсөткүчүнүн эсебинин маанисинин шкаласы**

| Интегралдык көрсөткүчтүн эсептик маанисинин интервалдары | Натыйжалуулукка сапаттуу баа берүү |
|---|---|
| 4,7≤ к ≤ 5,0 | Жогорку натыйжалуулук (жогорку категория |
| 3,7≤ к ≤ 4,6 | Орто натыйжалуулук (1 - категория) |
| 2,7≤ к ≤ 3,6 | Канааттандыраарлык натыйжалуулук (2- категория) |
| 2,0≤ к ≤ 2,6 | Төмөнкү натыйжалуулук |

**Сиз талапкер болгон категория ______________________________**
**Педагогдун колу: ______________________________**

**Өзүн-өзү баа берүү баракчасын толтурган күнү:______________**

# НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

**Академиялык чынчылдык** – бул академиялык чөйрөдө адамдын жүрүм-турум эрежелеринин белгилүү бир жыйындысы. Ал академиялык жамаат тарабынан башкарылган адептик принциптердин же бир катар эрежелердин топтому. Окутуу чөйрөсүндө академиялык ишмердүүлүктү ишке ашырууда татыктуу жүрүм-турум түшүнүгү болуп, ал окуучулар үчүн текшерүү иштерин, эссе жазууда, экзамендерди тапшырууда, изилдөөлөрдү, бетачарларды жүргүзүүдө колдонулат. Мындай баалуулуктар менен принциптердин жыйындысы билим берүүдө жана окутууда жеке чынчылдыкты өнүктүрөт.

**Активдүү окутуу** эң башкысымугалимдин даяр билимди баяндоо менен аны эске тутуп, кайра өндүрүмүн гана шарттабай, окуучунун өз алдынча, активдүү ой жүгүртүүсү менен тажрыйба жүзүндө билим алуусуна багытталат жана мында окуучунун ишмердүүлүгү үзүрлүү, чыгармачыл, изденүүчүлүк мүнөзгө ээ болот. Активдүү окутуу усулдарына дидактикалык оюндар, айкын кырдаалдарды талдоо, түйүндүү маселелерди чечүү, алгоритм боюнча окутуу, акыл эске чабуул ж.б. кирет.

**Көрсөткүч (индикатор)** – бул айкын мүнөздөмө же сандык белгилер, көрсөткүчтөр. Анын жардамы менен бааланууучу кубулуштардын абалы жөнүндө так түшүнүк алууга болот.

**Инклюзивдүү маданият** — коопсуз, чынчыл уюм түзүүгө түрткү болуп, кызматташтыктын тилегин тең бөлүшкөн, өзүнүн бардык катышуучуларынын өнүгүүсүнө демилге болгон, ар биринин баалуулугу жалпы жетишкендиктердин негизи болгон мектеп маданияты.

**Компетенция** – билимин, билгичтигин, баалуулуктарын колдонуу жөндөмдүүлүгү иш тажрыйбасынын негизинде жалпы мүнөздөгү, ошондой эле белгилүү кенен тармактагы маселелерди ийгиликтүү чечүүгө аракет кылуу; кесиптик компетенция – иш тажрыйбасынын, билими менен билгичтигин негизинде кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерди чечүүдө ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

**Иш билгилик** же **компетенттүүлүк** – айкын кырдаалдын, айкын ишмердүүлүктүн шартында алган билимин, билгичтигин, көндүмүн, тажрыйба жана баалуулуктарын бириктирүү жөндөмдүүлүгү; ушул колдонмодо окуучунун алган билимин, а билгичтигин, көндүмүн пайдалануу жөндөмдүүлүгү колдонулган контексте каралат.

**Окуучуну баалоодогу чен-өлчөмдүк багыт –** окуучунун жетишкендиктерин так аныкталган чен – өлчөмдөр менен салыштыруу ишке ашырылган багыт. Баалоонун чен - өлчөмдөрү ар бир сабак боюнча иштелип чыгат. Мындай чен - өлчөмдөрдүн бар болушу окуучу өз ишинин сапатын өз алдынча баалай алат, бул билим берүүнүн жогоруураак жыйынтыгына жетишүүгө жана окуу өз алдынчалуулугун калыптануусун демилгелейт.

**Педагогдордун окутуу коомчулугу** – жалпы максат деп эсептелинген - мектеп окуучусун окутууну жакшыртууга багытталган, жамааттагы бардык

кесипкөйлөрдү окутуу үчүн колдоо тилегин алдыга жылдырууну көздөгөн педагогдордун тобу. Бул топтогу адамдар тажрыйба алмашуу, жаңыча изденүү, алардын алдына коюлган кесиптик маселелерди натыйжалуу чечүү максатында ар дайым өз ара байланышта (жеке же виртуалдуу) болушат.

**Билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалар** – окутуу жараянынын жыйынтыгында окуучу эмнени жана кантип көрсөтүүгө багытталган так туюндурма. Бул окуучунун инсандык, жарандык жана кесиптик өз алдынчалыгын зарыл жана жетиштүү деңгээлде аткаруусунун жеке иш билгилигинин топтому. Ал окутуунун максаты катары окутуу жараянынын белгилүү бир деңгээлинде окуучу тарабынан ишке ашат.

**Кесиптик педагогикалык ой жүгүртүү (рефлексия)** – бул жеке педагогикалыктажрыйбанын калыптанган ойлорун (стереотиптерин) кайра карап чыгуу. Кесиптик педагогикалык ой жүгүртүү педагогикалык иштин өзгөчөлүктөрү, жеке педагогикалык тажрыйба, анын негиздерин кайра карап чыгуу, педагогикалык аракеттердин ыкмаларын кайра түзүү (анын ичинде заманбап билим берүүдө, өлкөнүн билим берүү саясатындагы тенденцияларга байланыштуу ) менен байланыштуу.

**Педагогикалык маданият**– жүрүм-турум эрежелери, педагогикалык адептүүлүктү, педагогикалык техника менен чеберчиликти, педагогикалык сабаттуулук менен билимдүүлүктү камтыган эрежелердин жыйындысы. Бул педагогикалык баалуулук, билим жана тажрыйбанын биримдигинин педагогикалык ишмердүүлүктө жүзөгө ашуусу. Педагогикалык маданияттын мазмуну өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:
педагогикалык ой жүгүртүү маданиятын, педагогикалык көрүнүштөр боюнча маалыматты илимий жактан иштеп чыгуу жөндөмдүлүгү; ой жүгүртүү, туюм, акыл эс эмгегине жөндөмдүүлүгү, жаңы маалыматты пайдалана билүүсү; ички жан дүйнө- адеп-ахлак маданияты; пикир алышуу маданияты; жүрүш-туруш жана өң-келбет маданияты (кийими, сырткы келбети).

Педагогикалык маданият – бул педагогикалык чеберчиликтин негизи. Педагог – жогорку маданияттуу адам, анын алып жүрүүчүсү, ал келечек муундун маданиятын тарбиялайт жана калыптандырат.

**Калыптандыруучу баалоо** - бул окутуу жараянындагы баалоо, ал педагогду окуучунун окутууда тигил же бул жетишкендиктеринин жыйынтыгынын кайсы деңгээлде экендигинен, кандай кыйынчылыктарга туш келгенинен, жана албетте педагог менен окуучуга окутуу жана таануу жараянын мындан ары жакшыртууга карай кадамдары тууралуу маалымат менен камсыз кылат .

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Бернард Д., Хамзина С. Оценивание эффективности деятельности: стандарты и процедуры: Рук-во по оцениванию эффективности деятельности учителей, заместителей директоров и директоров школ/ Мин-во образования и науки. - Б.: Турар, 2007.-88 с.

2. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению «Педагогическое образование» - бакалавриат и магистратура. – Б.: 2015. – 361 с.

3. Государственный образовательный стандарт среднего общего образования Кыргызской Республики. Постановление правительства Кыргызской Республики от 21 июля 2014 года № 403.

4. Дюшеева Н.К. Результаты обучения: сущность, содержание и методика описания / Известия КАО. - № 2 (30). – Бишкек, 2014. – С. 63-70.

5. Компетентный педагог 21-го века: принципы качественной педагогики. International Step by Step Association. 2009. http://www.issa.nl/sites/default/files/Competent_Educators_of_the_21st_Century-RUS.pdf

6. Кузнецов И. Настольная книга практикующего педагога// Доступно: http://www.e-reading.club/bookreader.php/73790/

7. Кухарева Н.В., Решетько В. С. Диагностика педагогического мастерства и педагогического творчества. - Минск, 1996//Доступно: http://studopedia.ru/6_63097_professionalizm-pedagoga-urovni-pedagogicheskogo-tvorchestva.html

8. Методика оценки уровня квалификации педагогических работников. Под ред. В.Д. Шадрикова, И.В. Кузнецовой. - М., 2010// http://www.niro.nnov.ru/?id=10879

9. Мононен-Аалтонен М., Низовская И. Дневник-календарь: практическое руководство по управлению эффективностью деятельности школы/ Мин-во образования и науки. - Б.: Турар, 2007.112 с.
10. Низовская И.А. Словарь программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо»: Учебно-методическое пособие.- Бишкек, 2013. – 146 с.

11. Положение о порядке проведения аттестации педагогических работников общеобразовательных организаций Кыргызской Республики. Постановление правительства Кыргызской Республики № 439 от 11 августа 2016 года.

12. Словарь согласованных терминов и определений в области образования государств- участников Содружества Независимых Государств / Под редакцией *Н.А. Селезневой*. – М.: НИТУ «МИСиС», 2012. – 244 с.

13. Типовые характеристики педагога, соответствующего требованиям первой и высшей квалификационных категорий//Доступно: https://portal.ivedu.ru/dep/mouofurmn/commondocs/metodicheskaya_slujba/metod_i_pravov_obespech/tipov_harakter_Visshaya_I_kategorii.pdf

14. Тэнкерслей Д., Брайкович С., Хандзар С. Инструмент профессионального развития для улучшения качества работы педагогов начальной школы. International Step by Step Association. 2009. http://issa.nl/e-portfolios/quality/wp-content/uploads/2013/03/ISSA-PDT-Primary-School-RUS.pdf

15. National Professional Standards for Teachers. Australian Institute for Teaching and School Leadership. 2011. http://aitsl.edu.au/australian-professional-standards-for-teachers/standards/list

16. Project Certification: Standards and Procedures. Reading and Writing for Critical Thinking: Open Society Institute. 2000. http://www.critical thinkinginternational.org/files/rwct_certification_document_abc_model.pdf